**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**К . КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**социология КАФЕДРАСЫ**

# МАГИСТИРДИК ИШ

## ТЕМА : « Дин социологиясы нын өнүгүүсүндө ИБН ХАЛДУНДУН РОЛУ »

**Илимий жетекчиси : Социология илимдеринин кандидаты , доц . Малтабарон Б . А .**

**Аткарган : 2 - курстун МсС - тобунун магистранты ,Садык Коку**

БИШКЕК – 2009

**Академик Кусеин Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Университетинин Социология кафедрасынын**

**2 - курстун Мсс - 07 тобунун магистранты**

**САДЫК КОКУнун**

**магистердик ишине**

# РЕЦЕНЗИЯ

Магистердик диссертацияда азыркы кездеги социологиялык илимде ак так болуп изилденбеген орто кылымдын атактуу ойчулу ибн Халдундун илимине көз салган . Азыркы Кыргызстандагы диний абалды жана дин социологиясын калыптануудагы маселелерин караган .

Магистердик диссертация киришүүдон , 2 главадан , 4 параграфтан , жыйынтыктоодон , пайдаланылган адабияттардан жана 3 тиркемеден турат .

Биринчи главала магистрант дин социологиясына ибн Халдундун кошкон салымын , анын көз карашын тарыхый иликтоо кылган жана дин социологиясынын теорияларынын калыптанышына талдоо жүргүзгон .

Экинчи главала азыркы учурдагы Кыргызстандагы диний абал , ошондой эле жаштардын динге болгон көз каранын социологиялык талдоого алган жана таблицалар , диаграммалар магистердик диссертацияда туура пайдаланган .Жыйынтыктоодо магистердик иштин натыйжаларын жана мамлекеттин өкүлдөрүно корсотмо берген .

Жалпысынан айтканда магистрант Коку Садыктын изилдөө диссертациясына он таасирдемин жана ага социологиялык илимдеринин магистри деген наам бергенге тактыктуу деп ойлойм .

**Рецензиялаган :**
**Саясат илиминин кандидаты , доцент ,**
**Саясат жана укуктануу**
**кафедрасынын башчысы**

**К . Ч . Султанбеков**

**К . Карасаев атындагы**
**Бишкек Гуманитардык Университетинин**
**Социология кафедрасынын**
**2 - курстун мсс – 07 тобунун магистранты**

**САДЫК КОКУнун**
**магистердик ишине**

# ПИКИР

Магистердик иште социологиялык илимине европалык ойчулдардын айтымында « Социологиянын атасы » деген атка конгон орто кылымдын атактуу ойчулу ибн Халдундун илимине көз салган . Ошондуктан магистарнт Садык Кокунун ишинин актуалдуулугуна эч кандай шек жок .

Магистердик иш киришүүдөн , эки главадан , төрт параграфтан , жыйынтыктоодон , пайдаланылган адабияттардан жана тиркемеден турат .

Биринчи главада магистрант ибн Халдундун социологиялык көз карашын тарыхый иликтөө жасаган жана дин социологиясының теорияларынын калыптанышына изилдөө жүргүзгөн .

Экинчи главада Кыргызстандагы диний уюмдардын коомго тийгизген таасирин караган . Ошонун ичинде азыркы учурдагы Кыргызстандагы диндердин абалы , Бишкек шаарынын жаштарынын динге болгон коз карашын конкреттик социологиялык изилдоо өткөргөн жана ал маалыматтарды талдоо жургузгон . Ал эмпирикалык маалыматтарды таблица , диаграмма түрүндө магистердик иште коп колдонулган .

Жыйынтыктоодо магистердик иштин натыйжаларын жана мамлететтин окулдоруно беш сунуш берген ( кара диссертациянын 66 б . ) .

Жыйынтыктап айтканда 2 курстун МСС - 07 тобунун магистранты Коку салыктын магистердик иши илимий таалаптарга жооп берет жана анын автору социологиялык илимдеринин магистр деген наам берууте тактыктуу .

**Илимий жетекчиси ,**

**социологиялык илиминин кандидаты ,**

**БГУчун социология кафедрасының доценти ,**

**Кыргызстандын социологиялык ассоциясынын**

**Вице - президенти**

**БАКЫТБЕК АМИР**

**Мазмуну :**

**Киришуу ……………………………………………………………………..…..…3**

**Глава 1. Дин социологиясына Ибн Халдундун кошкон салымы………...6**

1 . 1 . Ибн Халдундун социологиялык көз карашы ………………..…………6

1. 2. Дин социологиясының теорияларынын калыптанышы ………………17

**Глава 2. Кыргызстандагы диний уюмдардын коомго**

**тийгизген таасири**……………………………………………………………..…34

2. 1. Азыркы учурдагы Кыргызстандагы диний абал ……………….………34

2. 2. Жаштардын динге болгон көз карашы

( социологиялык талдоо ) ……………………………………………………..……..54

**Жыйынтыктоо . . ……………………………………….……………………..65**

**Пайдаланылгын адабияттар ……………..………………..…..…………67**

**Тиркеме 1…………………………………..…..…………………..…………..71**

**Тиркеме 2 ……………………………………….………………………………73**

**Тиркеме 3 ……………………..……………………………………………… ..7**

## Киришүү

**Ишти актуалдуулугу**. Кыргызстанда дин маселесинин азыркы учурдагы абалы, анын дүйнөлүк саясатка окана эл аралык мамилелерге тийгизген таасири, анын ичиндеги агымдар жана багыттар , деструктивдүү көрүнүштөр , аларды шарттаган себептер кетиштүү изилдене элек . Бул багытта айрым макалалар, брошюралар жарык көргөн менен фундаменталдуу изилдоолор жокко эсе . Коомдук гуманитардык илимдерибиздеги бул кемчиликти Республикалык масштапта көңүл булурбаса , кагаз гага бетинде калууда . Мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелерден тартып , исламдын дүйнөдөгү азыркы учурдагы абалын , анын ичиндеги экстремисттик корүнүштөрдүн пайда болуу себептерин терең ачып берүүчү материалдыр жокко эсе . Ушундай кырдаалда дин маселелери капутарга түздөн - түз таасирин тийгизбей койбойт .

Диний коз караштагы социологиялык ой - жүгүртүүдө алгач ирет өзүнчө бир кадыр - нускалуу кептер , жекече ой - пикирлер жана накыл сөздер түрүндө калыптанган . Алардын башкы темасы ата - энелер менен балдардын жүрүм турумдарынын , мамилелеринин эрежеси жана коомдогу саясий экономикалык абал камтылган . Ушундай ой - толгоолордун баары бүгүнкү күнгө чейин макал - лакап , санат - насыят , терме , накыл сөз , нускалуу кеттер түрүндө жетип келген . Азыркы экономика , саясат таануу , социология , укук таануу , философия , медицина - сыяктуу илимдерди Батыштын окумуштуулары аркылуу таанып келе жатабыз , ал гана эмес , Батыш коомун окуп үйрөнүп , анализдөөгө да шашылабыз . Бирок , ошол эле учурда Чыгыш ойчулдары Асогоруда саналып өткөн илим - билимдерди Батыштын окумуштууларына чейин эле ыйык Курандын негизинде чагылдырып , бир топ эмгектерди калтырып кетишкен .

Демек , иштин актуалдуулугу алгачкы социологлык концепциянын теоретиги , Чыгыш ойчулу ибн Халдундун көз карашын азыркы социалдык

экономикалык кризис маалында пайдалануу , кенири талкуулоо ,жайылту негизинде алынган . Диний ишеним инсандын рухий онугусун калыптандыруудагы эн маанилүү фактор болуп келген . Адамдын курчап турган чойрого , табиятка , жан - жаныбар жана аламларга болгон сүйүүсү болмоюнча ишеним да , дин да болбойт . Барлык эле диндердин негизги темасы адам , сүйүү , бала , таалим - тарбия болуп келген . Орто кылымдагы коомдук түзүлүш менен азыркы учурдагы коомдук түзүлүштүн айырмасы бар болсода , улуу адам , коомдук байланыш маселелери бирдей бойдон калууда .

Ошондуктан , Кыргызстандагы козу карындай жайнаган ар кандай диний агымдардын , секталардын мамлекеттин тышкары жүргүзгон саясаты жалпы социалдык - экономикалык абалга терс таасирин тийгизүүлдо , озгочо андай кубулуштун курманчылыгына жаштар кабыл болушууда . Бул жерде мамлекеттик деңгээлде каттуу тартип , илимий анализ жүргүзүлбосо , дуйно жузуно коркунуч туудурган терротизм маселеси да бизди каптап келишинде күмэн жок .

Иштин илимий денгээлде изилдениши . Рухий біналуулуктардын түгөнгүс булагы элдин озү экендиги талашсыз. Тарыхта аты калган улуу инсандар , ошол эле ал - Фараби , Ибн Халдун , Рудаки , Ибн Сина , Фирдоуси Алишер Навои , Захираддин Бабур жана алардын кийинки канчалаган атагы алыс кеткен инсандардын чыгармачылык талантынын өсүшүнө элдик жазма жана оозеки чыгармачылык демоор болуп берген .

Социология илиминде коомдогу диний маселелер Э . Доргкейм , Б . Малиновский , А . Радклифф - Браун , М . Вебер , Н . Смель зер , Т . Парсонс , Э . Гидденс , п . Бурдье , И . Валлерстийн жана башки теотериктердин парадигмаларында кезири талкуугa алынып келген

Кыргызстанда дин социологиясы менен К . Исаев , С . Нурона , Б . Малтабаров жана башкалар иштеп келишет . Андан тышкары айрым бир

окуу жайларда дин социологиясы атайын сабак катарында студенттерге , магистранттарга , аспиранттарга окутулуп келет .

**Магистрдик иштин предмети болуп** , респонденттердин , жаштардын ислам динин туткандардын динге болгон көз караштары , ой - пикирлери , Иштин обьектиси катарында 16 жаштан 35 жашка чейинки жаттар камтылды

**Магистирлик иштин максаты** Ибн Халдундун диний көз карапынан негизнде , азыркы кыргыз коомундагы жаштардын динге болгон мамилесин талдоо жана ар кандай секталарга , диний партияларга болгон көз карашын аныктоо .

Конулган максатка жетиш үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюулду :

- тарыхый цивилизациянын жана социологиялык концепциянын биринчи теоретиги Ибн Халдундун социологиялык көз карашын ачып берүү ;

- дин социологиясының теориясынын калыптанышына терең анализ жүргүзүү ; -

откоел мезгилдеги кыргыз коомуна ар кандай диндердин тийгизген таасирин чагылдыруу ;

- социологиялык изилдөөнүн жардамы менен ислам динин туткан яжаштардын башка динге болгон мамилесин аныктоо .

Иштегн изилдөөнүн эмпирикалык негизин Бишкек шаарында жаштар арасында жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары эсептелет . Андан тышкары диний социологиялык материалдарга тиешеси бар малыматтык материалдар кенири колдонулду .

Магистрдик иш эки баптан , торт параграфтан , пайдаланылған адабияттардын тизмесинен , социологиялык изилдөөнүн программасынан турат . Биринчи бапта улуу социолог Ибн Халдундун социологиялык коз карашы , диний социологиянын теоретикалык деңгээли кеңири талкууга алынган . Экичи бапта социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары жазылды .

## Глава 1 . Дин социологиясынын теоретико - методологиялык негиздери

### 1. 1. Ибн Халдундун социологиялык көз карашы

Абдуррахман Ибн Халдун (1332- 1406)тарыхый цивилизациянын жана социологиялык концепциянын биринчи теоретиктеринин бири. Улуу философ Арнольда Тойнби, Ибн Халдунду ислам окумуштуусу «философиянын тарыхын ойлогон жана түзгөн , кандай гана мезгил жана эл болбосун , анын эмгектери ал гана эмес Адам акыл эсинен жаралгандардын эң жогорку деңгээлде турат » , - деп белгилеп кеткен .

1332 - жылы Ибн Халдун Тунистеги белгилүү уруунун үй - бүлөсүндө төрөлгөн . Анын чоң атасы Хафсид династиясынын учурунда финансы министри болгон. 16 жашында жетим калып, Тунис султанынын короосунда кызмат отоодон баштады , кийин Фес султанынын катчысы болду , грана эмиринин Кастилия падышачылыгында элчиси болуп турду , Бужи султандын кеңешчиси болду . Өмүрүнүн акырына чейин Каирде жашады , жогорку соттун ( кады ) милдетин аткарды жана Аль - Азхар университетинде мусулмандык укуктар боюнча сабак берген . Олөөр алдында окумуштуу Тимурга ( Тамерлан ) кызмат отоп , анын тапсырмасы аркылуу мекени Магриб ( ислам дүйнөсүнүн батышы - азыркы Тунис , Алжир , Марокко ) Ажөнүндө түзүп чыккан . Окумуштуунун ар кандай башкаруучуларга кызмат өтөгөнү анын ошол мезгилдеги саясий турмушка жигердүү катышкандыгынан кабар берет жана Ибн Халдундун тарыхый – социологиялык ой жүгүртүүсүнө түздөн - түз байланыштуу .

Ибн Халдундун биографиялык өмүр жолун үч топко бөлүп кароого болот :

1. Анын саясий ишмердүүлүгү Магриба (азыркы Марокко) шаарында 20 жылга созулган;

2. Илимий эмгек менен алектенген 4 жылы Ибн Саламдын короосунда откөн. Бул жылдары ал саясий чөйрөдөн алыстап кенен кесир илимий ой

жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк алган . Ибн Саламдын короосунан чыккандан кийин саясатка аралашкан жок , ал китеп жазуу ,сабак берүү иштери менен алектенди.

3. Балдарга билим берүү жана соттук ишмердүүлүк убагы 18 жылга созулган .

Ибн Халдундун кенири талкууга алынган «Чоң тарых» чыгармасы, же карабдардын, аджамдардын, берберлердин жана алардын бийликке ээ болгон замандаштарынын күндөлүгү жөнүндө жана мисалдар менен окуткан китеби». Озгочо чыгарманын кириш сөзү « Мукаддима » деген ат менен белгилүү . Чыгарма ошол доордогу социалдык - экономикалык жана саясий жашоонун энциклопедиясы .

« Мукаддима » фрагментинде ойчулдун адамдын социалдык жаратылышына жана дүйнө таанымына , мамлекеттик онүгүүнүн эволюцияларынын мыйзам ченемдүүлүгүнө , ийгиликтүү башкаруу маселелерине көңүл бурулган . Анда династиялардын циклдык алмашуусун илимий деңгээлде социодинамилык көз караште түшүндүрүлгөн , маңызында саясий , аскердик , психологиялык , экономикалык , географиялык , климаттык жана башка факторлордун татаал карым - катнашын талдаган " [1].

Новосибирлик профессор Николай Розов « Ибн Халдундун мыйзамдары » деген эмгегинде азыркы россиянын саясий жашоосунда Ибн Халдундун изилдөөсүнүн актуалдуулугу жонундо белгилеп кетет . Ал мындай деп жазат: «Ясно, что аспекты и факторы средневекового египетского общества радикально отличаются от современных российских . Однако сам взгляд средневекового египтянина оказывается весьма проницательным, а подход к учету множественных причинных связей и циклических закономерностей- вполне современным и поучительным Неудивительно, что идеи Ибн Халдуна сейчас развиваются и уточняются в

[1] Историко- социологический трактат ибн Халдуна «Мукаддима» М., 1965; тонсалтипа А М., 1965; изнатенко А.А. ибн Халдун.М.,1980

математическом моделировании зарубежными и отечественными ввторами [2].

Жогоруда белгиленип кеткендей , бул Ибн Халдун жонундо бир гана нерсени чагылдыра алат , анын чыгармасын толугу менен түшүнүү үчүн ошол мезгилдеги руханий баалулуктардын чөйрөсүн толугу менен кабылдашыбыз керек .

Ибн Халдундун жашоосу жана чыгармачылыгы ислам баалулуктарынын негизинде , исламдык нравалык кодексте , маданиятта жана этикада , коомдук турмушта , экономикалык жана саясий түзүлүште , Кудайдын жазмышында жана жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүгүнде камтылган ,

Исламда айтылгандай , Адам баласы күнөөсү жок терелген жана Алланын алдында улутуна , жынысына , расасына карабастан бирдей . ( Куран 49: 13 ) .

Ибн Халдун ар кандай элдердин , урууларды жана цивилизациялардын салттарын , саясий жана экономикалык түзүлүшүн изилдеген . Инсандын калыптануусундагы коомду , мамлекетти , маданиятты , элдин жашоо шартын . нравалык жана дүйнө таанымынын негизинде мыйзам ченемдүүлүгүн , себебин байланыштыруу менен аныктаган .

Улуу врач Ибн Сина , математик Аль - Хорезм сыяктуу Ибн Халдун дин менен илимди бириктирген окумуштуу ойчулдардан . Улуу мусулман ойчулу Ибн Халдун орто кылымда Адам баласынын өнүгүүсүнө баа жеткине салтымын кошкон . Алар ыйык Курандын аяттарын чечмелеп карапайым калкка жеткизишкен . Буга күбөө катары улуу ойчулдардын эмгектеринде калган л менен илимдин байланыштары .

Сошиолог Ибн Халдун цивилизацияның ar Ибн Халдун шивлизаннын кыйрашынын себептерин ен . Бирден - бир илимі шмердүүлүгүнде цивилизацияның

[2] отец социологии-ибни халдун .наука,влохновленная кораном.мухамед саляхетдинов,председатель Ассоциайии общественных обьединений ‘’Собрание’’-2006.

гүлдошу жана кыйрашынын себептерин талдоого арнаган . Ибн Халдун элди | жана мамлекет кризистен жана кыйроодон сактап калуунун жолдорун , ал гана эмес Кооимдук - экономикалык стабилдүүлүктү , улуттун гүлдөп өсүүсүн Жана экономикалык кыйроодон сактануу , мамлекеттин саясий олүмүнөн Жени шпилациянын кыйроосун алдын алуу боюнча сунуштарды иштеп маккан . Алар томондо кенири берилген :

1. Менчиктин жана ишкерлердин укуктарын коргоо жана тартипке келтирүү ;

2. Мыйзамды басымдуулугу жана акыйкаттыкты орнотуудагы сот системасынын туруктуулугу :

3. Коомдук коопсуздук жана соода коммуникациясынын коопсуздугу ;

4. Иш менен камсыз кылуу , оидүрүмдүүлүктү жана кирешени жогорулатуу үчүн салыктын ставкасын төмөндөтүү ;

5. Бюрократиялык аппараты жана жалданган армиянын санын кыскартуу менен бирге алардын эффективдүүлүгүн кыскартуу ;

6. Соода тармагына , өндүрүшкө жана коммерциялык иштерге мамлекеттин кийлигүүшүнүн чектоо ;

7. Мамлекеттик баа коюуга жол бербөө ;

8. Мамлекеттин колдоосу менен базарды монополизация кылууга жол бербоо ;

9. Мамлекеттин чегинен тышкары моненталык саясатты жүргүзүүгө , акча менен спекуляция жасоого тыюу салынсын ;

10. Калктын өсүшү жана базардын ийрилештиришинин өсүшү ;

1 1. Чыгармачыл билим берүү системасы көз карандысыз ой жүгүртүүчү жана иштоочүлөрдү кызыктыруу ;

12. Жамааттык жоопкерчилик кана акыйкат коомду түзүүдө акыйкатты ички дүйнө менен сезүү .[3]

[3] Историко соло нески трактат ибн Халдуни « Мукаддима . М . , 1965 ; *Ігнатенко* А . Ибн - Халдун .

Жогоруда корсөтүлгондой , Ибн Халдун адамдын экономикалык жигердүүлүгүн акыйкатсыз кийлигишүүлөрдон , уятсыз конкурентерден , монополистерден , мамлекеттен колунан келишинче корголоого аракет Жасаған ,

Кудайдан коркон жана ишенген мусулман катары Ибн Халдун коомдун бейпилчилигине , акыйкаттык суроолоруна өзгөчө көңүл бурган . Коомдук акыйкат боюнча, айрыкча экономикалык чойроде , бирден - бир улуттун өнүгүшүнө , гүлдөшүнө жаңа калыптанышына « акыйкат аркылуу гана жетүүгө болот » . Ибн Халдундун коомдук акыйкат түшүндүрмосундо «акыйкат - адамдар арасындағы баланс » - деп , курандын табигый принциптеринин негизинде чечмелеген .

Курандын аяттарын жана халистеринде кеңири адамдардын укуктарын тебелегендер , акыйкатсыздыкты караттат дегендей , Ибн Халдун экономикалык чөйрөдө акыйкаттыктын принциптерин чечмелеп кетет : « Ким , менчиктин укуктарын бузса , ал акыйкатсыздыкты каратат акыйкатсыздыкты жаратат . . . Ким , бироонун менчигин күч менен тартып алса , ал акыйкатсыздыкты жаратат . . . Ким , акыйкатсыз салык жыйнаса , ал акыйкатсыздыкты жаратат . . . » . [4]

Жыйынтыктай келгенде , Ибн Халдун Аллах тарабынан бекитилгендей , коомдук мыйзамдын биринин негизин так чечмелеп кеткен . Анда ойчул , аң сезимдин чектелүүсүн , руханийсиздик ясана батыш дүйнөсүнүн лидерлеринин ачыктан ачык колдонушу - « акыйкатсыздык цивилизацияны кыйратат » .

Ибн Халдундун социалдык- саясий көз караштарынын биринде, социалдык карым- катнашта адамдар бири- бирине конүн калу аркылуу мамиле жасашат. Кандай гана коом болбосун, бирин бири тартуу, бири бирине көнүп калу менен жашашат, эгерде бирин бири тартуу күчүн жоготсо

[4] Коринические сказания. М. 1991. С. 44

коомдун жоголушун алып келет . Ибн Халдундун оюу боюнча , бири - бирине көнүп калу адамдардын жашоосуна чоӊ түрткү берет , Адам баласы башка адамдар менен болгон карым - катынаштагы өзүнчө бир сезим . Азыркы социологиядагы биригүү же социалдык кайдыгерсиздик түшүнүктөрүнө шайкеш келет .

Аны менен бирге Ибн Халдун коомду экиге бөлөт : цивилизациялуу эмес жана ивилизациялуу . Адамдардын социалдык жашоосундагы биринчи баскыч озүнө сиӊип каган өзгөчөлүктөрү менен цивилизациялуу эмес . Мындай коомдо , жашоо - тиричиликтин бирден - бир булагы болуп айыл чарбачылыгы жана мач чарбачылыгын өнүктүрүү , адамдар минималдуу талаптарын канааттандырат .

Чолдө жашагандар ( цивилизациялуу эмес коомдо жашоочулар ) кардуулугу , согушчандыгы , катуулугу менен айырмаланат . Алардын арасында уруулар арасындагы никелешүүлөр көп . Уруулардын улууларына баш ийүү алардын негизги мүнөзүгнө жатат .

Ал эми шаардыктарда жашоо башкачараак . Шаардыктар шаардын мыйзамдары менен жашоо - тиричилик өткөзүп , өздөрүнүн күчтүүлүгүн жоготуп салышкан . Эркин үй - бүлө куруу басымдуулук кылгандыктан , тууганчылык мамиле озүнүн маанисин жоготуп койгон . Шаардык башкаруу абсолютизм мүнөзүнө ээ .[5]

Ибн Халдундун айтканы боюнча , шаардык жашоо цивилизациянын кыйрашына жол ачат , анын себеби катарында бири - бирине көнүп калуу мамилесинин жоголушу . Шаардык жашоо талаптардын жогорулашын жогорулатат жана копкончүлүккө түрткү берет , коллективке байлануусун азайтат . Андыктан , бири - бирин колдоо маселеси өзүнүн маанисин акырындык менен жогото баштайт . Жыйынтыгында , бул коллективдин

[5] Социум и разум . Рационалистические течених арабо - исламской общественно - политической мысли Сосанснековы Рационалистическая традашия и современность : Гласний и Средний Восток . М., 1990. С 160 – 164.

мүчөлөрүнүн түйүндөрү чечилип , башка улуттарга бат эле багынып берет жана алардын жоголушуна коркунучтар жаралат .

Бири - бирине көнүп калууну мүнөздөп келип , анын түпкү максаты олкөнү башкарууга жетишүү деген . Айтмакчы , адамдарды бири - бирине көнүп калууну менен гана байланышта кармаса болот . Ойчул айткандай Адам бул өзүнүн жаратылышында агрессивдүү жандык , социалдык жашоодо башкалардын укугун тебелоого жөндөмдүү , ошондуктан , агрессияны токтотуу үчүн күч кубатты колдонууга туура келет . Бул жерде Ибн Халдун дагы бир жолу башкаруунун керектиги жөнүндө баса белгилеп кетет . Башкаруунун керектиги коомдогу укук бузууларга каршы туруу максатында , күч колдонуу жана кугунтуктоо - бул башкаруунун табигый муктаждыгы .

Ибн Халдун белгилегендей , өкмөт бул топ , кандайдыр бир территориянын биримдүүлүгүндө өзүнүгендей , өкмөт бул топ , кандайдыр бир территориянын биримдүүлүгүндө өзүнү бийлигин орнотот жана кандайдыр бир мөөнөттө бийлик жүргүзө алат .

Өкмөттө жана цивилизацияда , адамдар сыяктуу эле , табигый кубулуштар бар : төрөлүү , өнүгүү , ийгиликтерге жетишүү жана картайат , кыйроого учурайт , өчөт . Ошол үчүн Ибн Халдун цикл теориясын далилдеп чыгат , андан кийин батыш окумуштуусу В . Парето иштеп чыккан .

Философиянын тарыхында ал дайыма тарых бул келечекке жол ачкан жарык деген ойго бекем туруп келген . Ата - бабалардын жашоосун изилдөө келечекке умтулуудагы багыт . Көп окумуштуулар Ибн Халдундун ыйык Курандын ар бир аяттарын жогорку деңгээлде сиңирип алганына таң беришет .

Жашоодон алган тажырыйба - бул тиричилик кылуу үчүн жана эки мүмкүнчүлүк аркылуу аракет жасоо :

1. табыгый нерселерге ээ болуу , аңчылык , мал жана айыл чарбачылыгын өндүрүү , соода жана башка иштер менен .

2. бироого кызмат кылуу жолу менен табигый эмес жол , бироолорго таянуусу өзүнүн алсыздыгын көрсетет .

Окмоттүн экономикага жана базар мамилесине кийлигишүүсү банкроттука алып келет , ал гана эмее сооданы талкалайт , акыры окмөт жана коом кыйроого дуушар болот .

Эгерде окмот элге жакшы мамиле кылса , бул адамдарга үмүттү жана коом үчүн кызмат кылууга күч кубат берет . Коомдун өнүгүүсү менен калктын саны жана экономика өнүгөт . Өндүрүштө эмгектенгендердин саны көбөйүү менен коомдук жүрүш өркүндөйт .

Коомдун өнүгүүсү үчүн илимди өнүктүрүү чон түрткү берет . Ибн Халдундун айтуусу боюнча , дүйнө тааным адамды өзгөртөт жана ага кошумчалайт . Эгерде , шаардык менен чөлдө жашагандарды салыштырсак , шаардыктар түз көз карашы , баа берүүчүлүгү жана шашмалыгы менен айырмаланат . Илимдин өнүгүшү шаардын жана мамлекеттин өнүгүшү менен байланышта . Адам башка таланттарга муктаж боло баштаганда билим деңгээли кеңейтиле баштайт . Экономикалык жашоо төмөндөгөн сайын билимге болгон суроо талап дагы төмөндөйт .

Баардык билимдердин ичинен Ибн Халдунду география илими да абдан кызыктырган . Географиялык жайгашуу жана климаттык шарт Адам баласынын коомдук түзүлүшүндө эң жогорку ролду ойнойт , ал гана эмес анын психикасына жана жан дүйнөсүнө , диний ишенимдүүлүгүнө да таасирин тийгизет . [6]

Ибн Халдун жер шарын жети бөлүккө болот жана ар бир болукто жашаган элдердин өзгөчөлүктөрүн санап чыккан . Мисалга алсак , борбор бөлүктөгүлөр , башкача айтканда орто азия зонасында жайгашканлар . ченгелдеп жүрүшөт . Ошондуктан , алардын жашоосунун баардыгы билими , чыгармачылыгы , кийим - кечеси , тамак - ашынын баардыгы ченгелденген .

[6] Средневековые «пОучения владыкаМ »и проблематика Влассти исламе В Истории и современность, м., 1987. С. 34 -36

Климаттык шартын чөлдө жашагандарга жүрүм - турумуна да таасирин тийгизерин аныктаган ; « Физикалык жана нравалык жактан чолло жашагандар шаарлыктардан түп тамыры менен айырмаланышат . Алар шаардыктарга караганда жашоого шайыр мамиле кылышат , бекем дене түзүлүшү , бет түзүлүшүнүн тууралыгы , жашоого сергек мамиле жасоо жана билимди бат кабылдоосу менен айырмаланат » . Окумуштуу 14 - кылымдагы түндүк Африкалыктардын турмушуна анализдеп чыгып , социологияга так түшүнүктөрдү берген .

Кенири карап келгенде Азияда жана Африкада ислам динин жайылтуу кең мейкиндикти жараткан , эки полюстун татаал карым - катнашы жана тиричилиги . Алар шаардык цивилизация жана көчмөндөрдүн коомдук мамилеси . Көчмөндүк коомго табигый ич ара мүчөлөрүнүн арасындагы тендүүлүк жана шамдагайлык таандык . Цивилизациялык коомдо кошумча тамак катары бийлик менен башкаруунун мамилеси басымдуулук кылат .

Мындай спецификалык мамлекет башка факторлордун таасири менен экономикалык жашоого тийишүүгө мажбур болот . Ошону менен катар « державадагы адамдар » барган сайын жонокой кароодон алыстай баттайт . Андай жашоо өзүнүн кол алдындагылардан алыстата баштайт да , мамлекеттик аппараты күчөтүүгө жана армияны чыңдоого мажбур болот , ага байланыштуу экономикалык чөйрөдөгү жаңы талап - тоноолор башталат . Экономика деградацияга учурайт , салыктар түздөн - түз талап - тоноого айланат .

Мамлекеттин жашоосу оордой баштайт . Ал өзүн өзү жоготууга алып келет же алдуурак кошуналар тарабынан басылып алынат . Алар копчүлүк көчмөндөрдүн колуна дуушар болушат жана алар ал жерде жаңы нерселерди орнотууга аракет жасай башташат . Бирок , булл асаңы « державадагы адамдар » да жөнөкөлүгүнөн баштап сонунуна чейин кайталоого дуушар болушат – бул болсо циклдүүлүк » деп аталат . Бул циклды Ибн Халдун династиялык

ксенократиялык мамлекетке , 120 сылга үч тукумдун жашоосуна созуларын аныктаган ( атасы - баласы - небереси ) .

Ал гана эмес , Ибн Халдун өзүнүн окутуучусу Аль - Макризинин окууларына таянып мамлекеттик аппараттагы коррупция суроолоруна токтолуп кеткен , мамлюктардын бийлиги алдындагы Египеттеги инфиляциялык жүрүштөргө да мани бербей койгон эмес " . [7]

Ибн Халдундун бул концепциясынын негизги парадигмасынын мааниси **циклдүүлүк** жана ал менталитетти эске алуу менен бирге жакшы парадигманы келтирүүгө жетишип калган.

Куран китебинде жазылгандардын негизинде орто кылымдагы окумуштуулар жалпы маңызын алып келип такаган . « Аллахтын ыраазычылыгы үчүн кандай болсо дагы Кудайга ыраачылык билдириши керек . Текеберчилик ишенимди жоготкон . Адамдарга акыркы жолу кемчиликтерин оңдоого мүмкүнчүлүктөр берилген . Айрымдары гана Алланын элчисинин жолун жолдобосо , көпчүлүгү шылдыңдашкан , анын шакирттерин куугунтукка алышкан . Анда Аллах аларды жасалоо иретинде аябагандай табигый кырсыктарды жиберген ( суу каптоо , жер титирөө , шамал ж . б . ) анда Кудайга ишенгендердин айрымдары гана калбаса , баардыгы елүмгө дуушар болгон » .[8]

Ибн Халдун мамлекеттин өнүгүшүн теориялык жактан гана карабастан , аны ар кандай мезгилдеги , жердеги халифаттарга тажрыйба жасоого жа жетишкен . Мындай кадамга баруусуна ошол замандагы социалдык , саясий кризис , мусулмандарды бириктирүүнүн оордуна « ишенимди кылычка алмаштырып » калышкан . Ибн Халдундун түншүнүгүндө мусулмандык мамлекет өсүп - өнүгүдө төрт баскычты басып өттү .

- толук ( таза ) халифаттар тарабынан башкарылган халифат ;

[7] Социум и разум . Рационалистические течен арабо - исламской общественно - політической мели Средневековье / Рационалистическая традиции и современность Ближни и Средний Восток . М . , 1900 , С . 160 -164.

[8] Корантические сказании. М. 1991. С . 44. См . также : Там же . С . 40.

- халифаттын атрибуттарынын калдыктарын сактоо менен монархияга өтүү ;

- халифат деген атты гана калбаса , монархиялык мамлекетке айлануу ;

-бир мусулмандык мамлекеттин урашы .

Ибн Халдун башкарууну үч түрлүү формага бөлгөн – « табигый » монархия , « саясий » монархия жана « монархия жана халифат » .

Социологиянын улуу ойчулу Ибн Халдундун айткандары бүгүнкү заман башкача өзгөрүүлөргө дуушар болсо да өзүнүн баа жеткис маанисин жоготпой келет . Бул ыйык Курандагы аяттар кандай заман , коом болсо да Адам баласына калтырган зор байлык катарында кабылдообузга мажбур кылат . Мисалы , Ибн Халдундун бир эле циклдик теориясын алсак , Батыштын да окумуштууларынан алда канча алдыга кеткендигине күбөө болуп турабыз . Мындан ары Ибн Халдундун эмнектерин тереңдетип изилдөөбүз зарыл .

## 1. 2. Дин социологиясының теорияларынын калыптанышы

Динди социологиялык жактан илимий көз караштa кароо диндин социалдык, гносеологиялык, психологиялык өзөгүнүн негизинде аныкталат. Социалдык негизде экиге бөлүнөт: биринчи , материалдык жана экинчиден , саясаттын , мамлекеттин , моралдын , искусствонун , философиянын , илимдин руханий чөйрөдө каралышы . Социалдык көз караштын негизинде психологиялык жана гносеологиялык өзгөчөлүктөр келип чыгат .

Гнесеологиялык өбөлгө адам баласынын аң сезиминде диний түшүнүктөрдүн пайда болушу менен байланышта : диний кабылдоо , объективдик маңызга ээ , ал субъективдүү формада көрсөтүлөт . Диний аң сезимдин пайда болушу адамдын кабылдоосу менен байланышта , бирок адамдын спецификалык психологиясы да таасирин тийгизбей койбойт .

Диндин психологиялык негизинде адамдын психикасындагы составдык элементтери камтылган – ар кандай эмоциялык абал , маанайы , кайгырыуусу . Тарыхый өнүп - өсүүдө диний түзүлүш жана анан элементтери өзгөрүүгө душар болду . Алгачкы коомдо дин өз алдынча бөлүнүп каралган эмес , а кийинчерээк ал бөлүнүп каралууга дуушар болду . Азыркы учурда дүйнөлүк дин өзүнүн түзүлүшүнө ээ жана бир канча компоненттерден турат . Социологиялык талдоонун негизинде дин төмөндөгүдөй компоненттерге бөлүнөт :

1 ) Диний аң сезим ;

2 ) Диний иш аракет ;

3 ) Диний мамиле ;

4 ) Диний уюмдар .

Диний аң сезимди талдоодо ар кандай аспекттер бар :

а ) диний аң сезимдин ар кандай деңгээли ;

б ) жеке , топтук , коомдук диний аң сезим :

В) диний аң сезимдин эски түзүлүштөрүнөн калган динии Т орунон калган диний ишеним ,символдор , нормалар , баалулуктар , багыттары ж . б.;

г ) социологиялык изилдоо үчүн эмоционалдык , диний ан с дык , диний ан сезимдин эрки ж .б.

Диний аң сезим эки деңгээлде каралат : турмуштук жана концерт Диний аң сезим концептуалдык деңгээлде диний догманы жана ар дүйнөнү жана адамды камтыйт . Анын катарына төмөндөгүлөр кирет.

1 ) теология — Кудай жөнүндө окуу ;

3 ) саясаттын , укук коргоонун , экономиканын ж . б . теолмас диний догманы жана ар кандай концепциясы ;

3 ) диний философия .

Диний иш чара тажырыйбалык - рухий менен дүйнөнү камтуу . Диний иш чаранын эки түрү бар – культтук жана культтук эмес . Диний иш чаранын негизги түрү культ болуп эсептелет . Культ – бул өзгөчө кыймылдын түзүлүшү , анда адамдардын жогорку күчтөрдүн күчүнө жана ага ишенүү.

Культтун түрлөрүнө төмөндөгүлөр кирет :

• диний бийлер;

• диний ырым – жырымдар;

• майрамдар;

• зиярат кылуу.

Культтун субъектиси- диний топ же ишенген индивид. Жекече культу иш чара кудай жолунда жүргөндөргө гана таандык.

Төмөндөгүдөй культтун каражаттары бар:

• сыйынуучу үй:

• диний искусство (архитектура, живопись, музыка).

• культтук буюмдар (шам, камчы, арча ж. б.).

Культтук иш чаранын жыйынтыктары жыйынтыктары төмөндөгүдөй:

• диний талаптарды канааттандыруу

•динии эмес талаптарды канааттандыруу (көркөм өнөр. Пикир алышуудагы талаптарды канааттандыруу ж . б.) ;

• динге ишенгендердин психикалык абалынын озгөрүшү ( гармония , кубануу , өзүн - өзү өлтүрүү ж . б . акыбылы ) ;

• диний топтордун биримдиги .

Культтук эмес иш чара өзүнө камтыйт :

• диний ойлорду иштеп чыгуу ;

• диний китептерге интерпретация берүү

• диний түшүнүктү жайылтуу ;

• уюштуруу - башкаруучулук иш чара .

Диний иш аракеттердин жүрүшүндө диний мамиле түзүлөт . Диний иш аракеттердин түрлөрүнө жараша алардын мамилелери культтук жана культук эмес болуп бөлүнөт .

Диний мамилелердин негизинде символдук ортомчу болуп төмөндөгүлөр:

а ) жаратылыштын жандуу жана жансыз нерселери :

б ) индивид же топтун өкүлү ;

в ) тил - сүйлөм жана өзүнчө сөздер .

Диний уюмдар өзүнө диний топторду камтыйт . Диний топту бир коомчо катары кароого болот , алар динии жоролголордү жасоодо ясүрүшүндө пайда - Кудайдын үйү ) - биримдик , такай жана айдыр бир диний багытка оппозициялык болот . Диний уюмдарга чиркөө , секталар кирет .

Церковь , чиркөө ( греч . kylake - Кудайдын үйү ) - бирима тартипте текшере турган мүчөсү болбойт . .

• Секта ( лат . sekta - окутуу ) кандайдыр бир диний багытка е мамиле жасайт . Бир канча убактан кийин секс диндерге сиңип кетет .

Коомдо дин бир нече социалдык милдеттерди аткарат.азыркы социологтар динди анализдод . томондогудой милдеттерге бөлген :

• компенсатордук милдет : дин чектелүүнү , алсыздыкты толуктайт . , оз тиричилигине нааразы болгондорду сабырдуулукка чакырат , тынчтандырат . ачуусун чыгарат ;

• дүйнө тааным милдети : дин дүйнөнү түшүндүрөт , ага баа берет , маанисин түшүндүрөт ;

• коммуникативдик милдет : дин пикир алышуу учурунда , культтук жана культтук эмес иш чарада пайда болот ;

• интегралдык милдет : дин аркы же берки коомдук факторлорго карабастан туруктуулукту колдойт ;

• регулятивдик милдет : диний баалулуктардын , ойдун , салттын , институттардын башкаруу учурундагы индивиддин же топтордун иш аракети

• культуротрансляциялык милдет : маданияттын түпкү маңызы болуті . дин болсо укумдан тукумга топтолгон билимди өткөрүп берүү милдетин аткарат .

Бүт диндер кандайдыр бир деңгээлде коомдук жашоонун руханий байлыгы менен байланышта : тиричиликтин негизги маңызы менен ( өмүр жана өлүм суроолору ) жана күнүмдүк жүрүш - турушту калыптандыруу . Бүт диндер жакыныңа болгон сүйүүнү , кулчулуктан боштондука , өзүн - өзүн башкарууга жана чындыкка толугу менен ишенүү . Дин өзүнө ишенимди , моралды , укукту камтыйт жана социалдык түзүлүштүн жана социалдык институттун негизги компоненти .

Андыктан , бул изилдөөнүн негизги методикалык өзгөчө түзүлүшү төмөндөгүдөй : диний ан сезим диний аракетте пайда болот жана диний уюмдар тарабынан ишке ашат .

Социология илиминде парадигмаларды чон үч топко бөлүүгө болот :

1. Түзүлүш - милдеттик парадигмалар ( структурно - функциональный ) коомду макро деңгээлде бирдиктүү бүтүм катары кароо менен анын өнүгүүсүн , милдетин жана уюмдашуусун карайт .

2. Интерпретивдик парадигмалар адамдын микро деңгээлдеги жүрүш турушунун себептерин изилдөөгө басым жасалат .

3. Интегралдык жана бирдиктүү парадигмалар социалдык чындыкты объективдүү жана субъективдүү , түзүлүштөрдү жана адамдарды бирдиктүү карайт .

Диний аң сезим диний идеологиядан турат ( диний философия , теология ) , диний - багытталган теориялар ( саясий , экономикалык , укуктук ж . б . ) жана диний психология ( сезим , идея , элестетүү , эмоция , маанай ж . б . ) .

Азыркы убакта социологияда динди талдоо үчүн теоретикалык багыттар бар . Эки чоң социологиялык парадигма — функционализм жана интерпретативдик парадигма .

Интерпретативдик парадигма ( греч . Hermeneutikos - чечмелөө ) байыркы текстерди жана эстеликтерди чечмелөө теориясы ; азыркы ыкма менен караганда адамдын жүрүш - турушу жана алардын мотивдери , маңызы . Бул парадигма менен иштегендер адамдын аракетин ийгиликтүү интерпретациялоо үчүн социалдык - маданий , экономикалык , саясий , тилдик жана башка конткесте карап чыгыш керек .

Диний маселе боюнча теоретик - классиктер Э . Дюркгейм жана М . Вебер саналып келет . Э . Дюркгеймдин социологиялык диний теориясы коомдун солидардуулугунда жана дин социалдык институт катары өнүгүүсүндө , диний феномендин милдетин жана түзүлүш маселелерин кеңири талдап чыккан . ыйык нерселерге адамдардын болгон мамилеси милдеттүү түрдө аныкталды : дити бул ишенимдин жана кыймыл аракеттин солидарлык түзүлүшү ыйык нерселерге багытталган ; алар бул ишеним жана кыймыл аракет менен иморалдык коомчулукту » түзүшөт . Дин менен өзгөчө

уюштурулган социалдык кыймыл , элдердин жүрүм - туруму байланышта . 156 /.

Дюркгейм э . түзүлүш - милдеттик анализде коом жана уюмдундун негизинде аныктап чыккан .

э . Доркгейм « социалдык чындыктарды нерсе катары караш керек » деген кредону баяндаrі. Социалдык чындык эки түрде : 1 ) морфологиялык . башкача айтканда материалдык мүнөздө - территория , менчик , калктын келөм жана жыштыгы , социалдык топтордун түзүлүшү , ж . б . 2 ) руханий - ишенимдер , адептик эрежелер жана укуктук мыйзамдар , коллективдүү сунуштар . Э . Дюркгеймдин оюу боюнча социологдун милдети - коом жана инсандын тегерегинде социалдык чындыктардын байланыштарынын себептерин иликтөө жана табуу "[9] . Социалдык чындыктарды иликтөө менен коомдун өзгөрүшүнө , өнүгүүсүнө жаюы мезгил талап кылган мыйзамдарды иштеп чыгууга түрткү берет .

Э. Діюркгейм «ар бир коом өзүнүн түзүлүшүнүн кыймыл - аракетинде кадимкидей ( нормальном ) жана кадимкиден томонұроек ( патологическом ) абалда болот деп ырастаган . Кадимкиден начарыраак абалда (патология ) себептери - от кезегинде аномияга алып келе турган эмгекти туура эмес болүштүрүү . Аномия- дүйнөнүн баалулуктарынын келишпестиги, базалык солкулдоо , үрп - адаттык идеялар , мыйзамдуулуктун жана мыйзамсыздыктын аралтамасы , Аномия социалдык түзүлүштүн элестеринин милдеттик келишпестигинде , социалдык топтордун жана муундардын ортосундагы чыр чатактарда , девианттык тартите , жашоого болгон үмүт үзүлгенде , чындыктан качуу аракеттери . Саясатта аномни озүн кысымдарда , саясаттык аша чегүүдордо , бийликтин деффузиясында ( аралашмасында ) байкалат » , [10]деп талкуулаган ,

[9] дюркрейм Э.социология.Ее предмет, метод, преназначение.- М.:, КАНОН,С.39

[10] дюркрейм Э.О разделение обшественного труда. метод социологий. пер С фран.-М.:1991.С.36

Дин Э . Дюркгейм үчүн укук , мораль сыяктуу эле социалдык күч , ал гана эмес дин милдеттердин мотору » , б . а . идеалды , адамдык талаптарды калыптандырат .

Мындан ары динди функционалдык анализ антрополог жана этнограф

Б . Малиновский жана А . Радклифф- Браун .

Малиновский , кандай гана маданияттын феномени болбосун аны адамдын негизги талаптарын канааттандыруу менен анализдешибиз керек . Маданияттын феномененин милдеттерин изилдөөдө адамдын негизги талаптарын канааттандырууну социалдык изилдөө катарында карашыбыз керек .

Малиновский диндин эки милдетин белүп көрсөткөн , ал кандай гана коом болбосун алар өз милдеттерин аткарат :

1 ) кризис абалында ар кандай топторго жол көрсөтөт , калыптандырат :

2 ) жөрөлгөлөрдүн негизинде индивид коомдун толук кандуу мүчөсү боло алат

Малиновскийдин оюу боюнча , магия жана дин адамды өзүнө ишенимдүү кармап турат , психологиялык конфорт түзөт жана сезим коопсуздукту бекемдейт 59 / .

Радклифф - Браун А , айрым бир башкача көз карашта берген . Социалдык жашоо - бул социалдык түзүлүштүн кыймыл - аракети . Бири - бири менен карым - катнаш маданиятты анализдөөдө функционалдык мамиледе болуш керек .

Маданий жана диний нормаларды жана эрежелерди сактоо социалдык текшерүүгө жатат жана социалдык интеграцияны жана стабилдүүлүктү тартипке салат . Коомдун кызыгуулары , социалдык түзүлүш диси байлык , акчага муктаж болгондон муктаж , индивиддердин жүрүм - турумуна коомдук жашоодо түрткү берет . / 60 / .

Бирок , Н . Смелер белгилегендей , функционалистер коом менен диндин байланышын толугу менен камтый алган эмес , томондөгүдөй суроолорго

жооп бере алган эмес : көпчүлүктү эксплуатациялоодо диндин кандай роль ойнойт ; эмне үчүн коомдо радикалдык социалдык өзгөрүү диндин негизинде жүрет ; дүйнөлүк жана социалдык чыр - чатактардын түпкү тамыры эмнеде . / 61 / .

Түзүлүш - милдеттик багытында Толкотт Парсонс социалдык түзүлүш теориясы жана социалдык кыймыл теориясы менен айкалыштырган . Т . Парсонстун теориясындагы биринчи эң чоң маселе – бул социалдык түзүлүштүн мааниси , жана милдеттендирилиши . Социалдык түзүлүш - социалдык карым - катнаштар менен субъектердин кыймылындагы түзүлгөн абал жана жүрүні . Түзүлүштөрдү төмөндөгү төрт түрлүү өзгөрүш менен талдоого болот : 1 ) баалулуктар ; 2 ) ченемдер ; 3 ) жыйындар ; 4 ) роль . Социалдык түзүлүптүн ядросу жыйындык жашоонун уюушуусундагы чектелген түзүлүштүк эрежелер түзөт . Элдердин жыйындысы , чектелген түзүлүштү камтыган жана анын укуктук негизинде жаткан коом « социеталдык коом » деп аталат . Андыктан социеталдык коом түзүлүш катарында баалулуктарды , ченемдерди , жыйындарды жана ролдорду камтыйт . Бул төрт түзүлүштүк категория Т . Парсонстун концептуалдык схемасында кандайдыр бир муктаждыктарды милдеттендирет , аларга : адаптация ; максатка жетүү ; интеграция ; үлгүсүн сактоо . Ушул төрт муктаждыктардын милдети жогорудагы түзүлүштүн компоненттерин кандайдыр бир социалдык институттарда турмушка алгыруусун аткарат " .[11]

Т. Парсонс « Социалдык түзүлүш » деген эмгегинде : « адамдардын карама - каршы иштеринен качып болбойт , бирок бул коомдогу кризиске жана социалдык вакханалияга да кирбейт . Негизгиси социалдык текшерүү механизими иштеш керек . Албетте , камсыз кылган артыкчылык күч материалдык , руханий тарбиялык каражаттарды эске алуу менен инсандарга таасирин калтырат . Татыктуу өзгөрүш акыр аягында жалпы түзүлүштүк баалулуктар менен камсыз болот, бирдей жүрүш- туруштарды, социалдык "

[11] Парсонс Т. Некоторые проблемы обшей теории в социологии.- М.: ИНИОН РАН,1994. С. 80.

ролдорду калыптандырат»[12]. Т . Парсонстун теориясындагы экинчи бир чон маселе - социалдык тартип маселеси . Социалдык тартип түзүлүштү институциялаштырyуcуз иш жүзүнө ашпайт . Институциалаштыруу жүрүшү материалдык , рухий , административдик мамилелерди социалдык коомондоо менен бирдей калыпта калыптандыруу , Институциаларттыруунун натыйжалуулугу жана укуктук түзүлүшү андагы адамдардын багытындагы баалулуктарында камтылган .[13] Социалдык түзүлүштөгү үчүнчү маселе социалдык өзгөрүүнүн жана эволюциянын маселеси . Социалдык тартип . түшүнүү , жүрүш маселелери социалдык өзгөрүүнү пайда кылат . « Милдеттендирүү теориясынын өзгөрүүсү » деген эмгегинде Т . Парсонс тажырыйбада бир да социалдык түзүлүштүн абалы тең салмактуулукта турбайт деп баса белгилейт . Ошондуктан , социалдык өзгөрүү жүрүшү анын элесинде кыймылдуу тең салмактуулук » " .[14]

Т. Парсонс Батыш өлкөлөрүндөгү христиан дининин эволюциясын изилдеп чыккан . Христиан дини пайда болгондон баштап , өзүнүн өнүгүүсүндө бир канча баскычтарды басып өткен :

1. Алгачкы христианство , иудей жана грек маданиятын бириктирген . Официалдуу чиркөөлүк уюму бар секталардан христиан динине айланат .

2. Орто кылымдагы христианство . Бул баскычта диндин интеграциясы маданий түзүлүштөн социалдык түзүлүшкө өтүп , анын нормасы жана баалулуктары иштелип чыгат . Чиркөө Батыш өлкөлөрүнде рухтук күч кубатка ээ болгон ,

3. Реформациялоо баскычы жана тынчтык жол менен активдештирүү байкалган . Реформанын негизинде экономика , саясат , билим берүү . инсандын руханий калыптануу чөйрөсүндө чоң өзгөрүүлөр болду

---

[12] . Парсонс Т. Система современных обществ / Пер . с англ Под ред КоВолеВои М.С. - М . : Аспект Пресс , 1997. С . 24

[13] Парсонс 1. Понятие обществА: компоненти и взамоотношени//современная западная теоретическая социологиия- М : 1994. С . 104.

[14] Гарсонс Т. Система современных обществ . Пер . с англ .Под ред . Коволевой М.С.- М. Аспект Пресс, 1997. С . 162

4. Азыркы , « секталык » баскыч . Бүгүнкү күндөгү христиан Динин негизни маселеси - жаны « жашоонун баалулуктарын » интеrt чыгуу .

Т . Парсонс белгилеп кеткендей , христианство азыркы учурдагы коомдук кубулуштарга жараша , өзүнүн өзөгүнө дифференциялык мүмкүнчүлүгүн түзгөн , башкача айтканда , « христианин » жана « гражданин » болууга укуктуу . Уптундай дифференцияга ылайык социомаданияттын динамикасы түзүлдү .

Социалдык түзүлүштүн өнүгүшүндө Роберт Мертон эки ооп кыйы белгилерин талдап чыккан : 1 ) түзүлүш кандай максаттарды өз алдына койот ; 2 ) максатка жетиш үчүн кандай мыйзамдардын каражаттары керек . Максат менен каражаттардын бири - бири менен болгон карама - каршылыктары , алардын мүнөзүндөгү өткүрдүктү , курчтукту адамдар коомдук максат кылып алабы жана аларды мыйзамдуу түрдө пайдаланышабы . Азыркы саясий жашоо демократия , адам укугу сыяктуу жаңы баалулуктарды талап кылса да , мурункунун мурастары түп - тамыры менен жоголуп кеткен жок . Салыштыра келгенде өз эркиндигин алгандан кийин жогору жактагы мамлекеттин буйругун күтө беришип , өз турмуш денгээлдеринин начарлап кетишин байкабай , коомчулукта жакырчылык , аномия сыяктуу жаңы кубулуштардын пайда болушуна күбөө болуп олтурабыз . Инсандардын , коомдун максатын жана каражатын эске алуу менен бирге Р . Мертонго мүнөздүү болгон жүрүш туруштун түрүн аныктап чыккан :

Конформизм – бул инсандардын социалдык шартка көнүшү , коомдун бирдей деңгээлде болушу ;

Инновация – бул саясий жүрүш - турушка өтө басымдуулук кылып , максатында саясаттык капиталды көбүрөөк топтоо , кызмат оордун пайдаланып , натыйжалуу башкарууга жана башкаларга күчтүрөөк башкарууга умтулгандар ;

Ритуализм - бул тескерисинче саясий капиталды топтоо максатына умтулгандар жана ошол эле учурда мамлекеттин саясий абалын билүү жана ага өз салымын кошуу ар бир жарандын милдети деп эсептешкендер ;

Ретритизм – бул саясий максаттарга умтулбаган жана анын уйгу - туйгу жүрүм - турумдарына көңүл бурбаган өзгөчө бир адамдардын тобу ;

Мятеж – бул коомго кабыл алуунун кыйынчылыктарынын бирден - бир жалгыз тиби , анткени жашап жаткан социалдык түзүлгөн коомду бузууга жана өзгөртүүгө жигердүү катышкандар .[15]

Акыркы учурларда француз социологу П . Бурдье , англиялык социолог Э . Гиддене жана башкалар түзүлүштүк жана интерпретивдик парадигмаларды бириктирүүгө аракет кылышкан . Мурунку классикалык теориялар жана ыкмалар « чыныгы » жыйынтыктар бүгүнкү күндүн талабына жооп бере албай жана бифуркацияны ( непредвиденных случайных колебаний ) билбеген салттуу коомду изилдөөгө таандык болуп калды . Бирдиктүү парадигманы турмушка ашыруу үчүн социологиялык « постмодерн » мүнөздүү жана жаңы ыкма постклассикалык эмеске таандык . Ал өзүн өзү уюштуруучу түзүлүшкө буталган :

1. түзүлүш айлана - чөйрө менен , башка коом менен карым - катнашта ачык болуусу зарыл ;

2. компоненттердин саны менен карым - катнаштын натыйжасынан тартиптүү кыймылдар келип чыгат .

Бул методология Э . Гидденстин , И . Валлерстайндын жана башка социологидордун ойлору боюнча азыркы коомдун абалын изилдөөгө ылайыктуу , себеби башка маданияттар , ал тургай трансулуттук өндүрүштөрдү уюштурууга , бирдиктүү дүйнөлүк базар мамилесин калыптандырууга жана катышууга , баалулуктарды жана башка элдердин эрежелерин интеграциялоого ачык мамиледе болуу .[16]

1990 - жылдын башында Э . Гидденс « Азыркы мезгилдин натыйжалары » жана « Азыркы заман жана оздүк идентивдүүлүк » деген эки ири чыгарма

---

[15] Мертон Р . Социальная теория и социальная структура / / Социе , 1992, No 3. С . 105.
[16] Социологии : парадигмы и темы М . , Издательство Анкил » , 1998. С . 19. 24. 27

жазган . Мында маселе азыркы мезгодіt анын маданий жана идеологичдык жагынан антидео "[17] . Айрым окумуштуулардын тобу ыркы коомдун социалдык чындыгынын жаны түрү пайда болду жана аны информациялуу же талапчыл коом деп атап жатышат . Башкалар болсо , коомдун өнүгүүсүнүн багыттарындагы кийинки жаны чындык постмодернизм , постиндустриализм , посткритим ж . б . деп аташат . Азыркы мезгил жана азыркы мезгилге чейинки чек коюу эреже катары институционалдуу өзгөрүүлөрдүн рактылары колдонулат . трансформациянын түзүлүшү материалды байлыктарга негизделген , түтүлүштө негизги ролду маалымат лейт , ала илимдоорду да отгорет - бир гана тууралыкка басым жасалбастан , универсалдуу ыкмаларга , плюралистик кот караш менен кароо чындыктын түпкү маанисине жетүүгө далолат кылат

Э . Гидденстин оюу боюнча , азыркы мезгилдин интерпретациятарынын алсыздыгы - бардык дүйнөгө таандык социалдык чындыктын бирдиктүү ой жүгүртүлүүсүндө же уюмдардын жана трансформациялардын аныкталуу бирдиктүү принциптеринин чогулуусунда . Мында социолог салттуу коомдун азыркы учурдагы трансформациялык жүрүшүндөгү бардей ченемдүүлүгүн карайт . Ошондой эле Э . Гидденс азыркы коомдун мүнөзүн негизги үч топко болот :

1. коомдогу жүрүштөрдүн ылдамдык менен өзгөрүүсү :

2. мейкиндиктин ааламдангуусу , дүнүйө социалдык жана маалыматтык жактан бири бири менен тыгыз байланышта ;

3. азыркы институттардын ички жаратылышында – мурда болуп көрбөгөн социалдык формалар пайда болду .

Андан тышкары азыркы коомдун негизги үч булагын көрсеткен :

1. Азыркы коомдун маалына чейин мезгил менен мейкиндик бири бирине чиеленишкен болсо , азыр « модериндин келиши мейкиндик менен

[17] Giddens A. The Consequences of Modemity.- Stanford: 1990; Modernity and Self- Identity -Stanford 1990. P.45

Мезгилди айрыды » .[18] Андыктан сонолог коомду бир түзүлүштүү институт катары талдабастан , мейкиндикте жана мезгиле социалдык жашоо кандай уюштурулгандыгына басым жасаш керек . Жергиликтүү элдин социалдык мамилелерин алыстагы социалдык формалар жана окуялар менен салыштырып изиллоо .

2. Социалдык жашоо жергиликтүү байлангандыктан бошонуп , жыйынтыгында социалдык мамиле мейкиндик жана мезгилге көз каранды боло баштайт . Социалдык институттар жергиликтүү чектен бошонот . Мындан бошонуу үчүн Э . Гидшене механизмдин эки түрүн табат : а ) символдук белгилик түзүлүш ( акча , ар кандай саясий легитимизация ж . б . ) жалпыга белгилүү баалулуктарды социалдык алмашуу : б ) эксперттик түзүлүш – кеңеш берүү түзүлүшү ( кесипкөйлүк , диндик ж . б . ) аны ар бир эле жаран колдонушу мүмкүн эмес , бирок модерн түзүлүштүндө стандарттык түрде биздин жашоого кирип калды .

3. Билимди социалдык жашоо уюштурууда жана өзгөртүүдө туура жана өз убагында пайдалануу " .[19] Коомдун жигердүү бөлүгү мурун « бир нерседен эркиндик » үчүн күрөшсө , азыркы модерндик коомдо « бир нерсе үчүн эркиндике » күрөнүт – бул алардын чөйрөдөгү кызыкчылыгы жашоонун нуту же жашоонун стили жогорку оорунга чыккандыктан белги берет .

Э . Гидденс « түзүлүш » түшүнүгүн социологияда социалдык мамилелерди же кубулуштарды үлгүлөштүрүү катарында колдонот . Ал эми бул жерде термин коомдун институциалаштыруу мүнөзүндө колдонулгандыктан , социалдык тажырыйбада « түзүлүштүн » формасын мезгилде жана мейкиндикте берет . Мурунку тарыхтын булактарында калган социалдык мамилелер азыркы коомдун социалдык тажырыйбалары аркылуу муктаж болгон жаңыланган жаңы түзүлүштү түзөт . Ошону менен бирге Э . Гидденс түзүлүштүн жалпы мааниси социалдык мамилелер кандайдыр бир

[18] Giddens A. The Consequences of Modernity.- Stanford 1990. P. 1.
[19] Giddens A. The Consequences of Modernity.- Stanford, 1990. P. 20

убакытка жана мейкиндикке көз каранды . Мурун социологдор інститутtарды кандайдыр бир убактагы жүрүш - турушу , мамилеси катары кабыл алышат . Социалдык жашоону айырмалоочу түтүлүш

1. эреже - социалдык жашоонун мезгили менен мейкиндигине жараша кабыл алыныш керек ;

2. ресурстар - адамдын кыймыл - аракетинин натыйжасында өзгорот . Ресурстар локалдуу ( жер , товар , өндүрүш курулуштары ) же бийлик ( материалдык эмес ресурстар ) түрде . Андыктан бизде болгон байлыкты өзүбүз жигердүү иштетпесек , эч нерсеге жетише албайбыз жана өзгөрүүсүз калабыз . Бийлик ресурсу бир адам бир адамга үстөмдүк кылуусу , бирөөнү зүнүн кызыкчылыгы менен пайдалануу . Ал эми бийлик болсо , башка адамды чындап пайдаланбаса , ал өзүнүн бийликтеги ресурстук баасын жоготот .

Бүгүнкү күндү мүнөздөгөн үч түрдү Э . Гидденс карап чыкты : коомдо бүт жүрүштүн өзгөрүш ылдамдыгы ; мейкиндикти ааламдаштырууга , дүйнөлүк өнүгүш ; ички жаратылыш . Социолог формациялык өзгөрүүлөрдү айтпастан , адамдардын жүрүш - турушунун социалдык тажырыйбадагы озгөрүш темнин аныктаган . Саясий тармакта демократиянын институттары менен жалпы элдин башкарууга катышышы эсептелет . Коомду модернизациялаштырууда сапаттык тобокелдүүлүк коркунуч өсүшү мүнөздүү . Коомдо адамдардын жүрүш - турушу же жалпы эле социалдык кыймыл - аракеттин баардыгы бийликтин мамилелери менен тыгыз байланышта . Ошондуктан ал бийликти коомдун агенттери сыяктуу караган . Э . Гидденстин агент түшүнүгү түздөн - түз аркы же берки бийликти ишке ашыруусунда жатат . Агент болуш үчүн , саясий окуяларга катышыш керек . ! анын жүрүшүнө таасирин тийгизүү , Агент качан бийликке ээ болбой !

калгандан баштап , агент боло албай калат . Эркин жүрүү жаны , терезеден сансни кыймыл - аракетти түшүндүрүүгө болго түзоТ.[20]

Дагы бир бүгүнкү коомдун социологу П . габитус — социалдык тамырыйбада откондү , учурдагыны келечекти байланыштырууга мүмкүнчүлүк берет . Габитус парадигмасында адамдан , коомдун басып отхон тарыхы пайда болот . Объективдүү чындыкты социалдык талаадагы сонгилык мамилелерди ичилсо аныкталат . Ал эми социалдык татаада чыныгы социд - экономикалык , саясий институттар жайгашкан . Басымды социолог институттар менен анын объективдүү кызыкчылыктарына , аламдардын кыймыл - аракетине , андыктан - бийликке , экономикалык же интеллектуалдык ресурстарга койгон .[21]

Сошиалдык чындыкты изилдоодо п . Бурде эки принципиалдык ыкманы сунуштаган :

1. түтүлүптүк - социалдык түзүлүште объективдүү тиричилик кылат . элди 0 - сетимине жана эркине сөз - карандысыз , кыймылына жана аракетине түрткү берет ,

2. конструктивизм - адамдын кыймылын жашоонун тажрыйбасында сошиализациянын жана калыптанган кыймылдардын жүрүшүндө божомолдоо же б . а . - уюштурулган принциптердин кыймылы , чыныгы тажрыйбалык социалдык агентти түзүүдо обьектерди конструкциялоо . [22]Габитур концепциясы субъективдүү күтүүдө » объективдүү милдоолорго тамінат . Мындан. Бурдье саясий жана экономикалык теорияларды четке кагып , « рационалдуу кыймылды » гана мойнуна алат . оюу боюнча габитус социалдык такырыйбда откөндү , учурду жана келечекти бириктирүү. Бул теория коомдогу саясий жана экономикалык социалдык тажрыйбалары мүмкүнчүлүккө жараша болот .

---

[20] Гидденс Э . Социологиая. / пер с.Англ .- 1999.С.97.
[21] Бурдье П Социологии полиТики./ пер с фран М.1993,С.330
[22] Бурдье П. Ошол эле жерде.С.72

Макс Вебер озунун эмгектеринде капитализмдин орношун дыкаттык менен талдап , азыркы коомдун эӊ негизги ченемдөөсү институтташтыруу . Келечектин бирден бир максаты катары түшүндүрүүнүн обөлгөсү - коомду ийгиликтүү институтташтыруу . Бул жерде институтташтыруу мыйзамсыз тутүлбойт . Ар кандай коомдо жана ар кайсы маданиятта жашаган адамдардын чыныгы тажырыйбасынан , тарбиясынан алынган багыттардан Макс Вебер кийинки кыймыл аракеттердин түрүн бөлүштүрдү : бир маӊыздуу максат : маныздуу баалулук ; натыйжасыз ; үрп - адат “ . [23]

Коомдо жана маданияттын такырыйбасында бул болүнүштер ар кандай кездешет . Саясаттын мейкиндигинде биринчи багыттын кыймыл аракети кеӊири таралган . Мисалы , адамдардын жүрүш - туруштундагы , а - сезимдүүлүк менен саясатка умтулган , өзүнүн чечимин кабыл ала алгандар .

Маныздуу баалулук негизинен ишенимдерге бағытталгандыктан ал диний чойролю , эстетикада эк . б . байкалат . Аффективдүү , эмоцияда басымдуулук кылат , инсандын эмоциялык кыймыл - аракети . Саясатта адамдардын ортосундагы чыр - чатактардын азыраак болушу , болочок ишти алдын ала айтууга , башкаруучуга да башкарылуучуга да мааниси түшүнүктүү болгондой болушу абзел . Үрп - адаттык күнүмдүк көнүмүш болуп калган өнөкөт кыймыл - аракеттер М . Вебердин ою боюнча уюшулган коомду « мейли бийликте » кесипкөйлүү , жакшы даярдалган же атайын билими бар адамдар башкарышы керек . Ошол үчүн алардан жогорку жоопкерчиликти талап кылышат да , ошол учурда гана алардан анык жоопкерчиликти күтүүгө болот . Андыктан натыйжалуу болочок ишти алдыга койгон жана текшерилүүчү башкарууга ээ болот . Ал эми башкаруу штабынан жыйындысы ар кандай төбелдордон натыйжалуулук ар кандай бюрократияга жол боротот . Вебер анык бюрократиялык башкаруунун идеалдуу типтерин элестетти .

Карл Маркстыӊ капиталистик коомду кайра жаратуудагы негизги суроолорунун бири – бийлик жана менчик маселеси . Анын үстүнө бийликтин

[23] Вебер м . Избранные произведения , м.: Прогресс , 1900 С 628 .

пролетариаттык диктатурасы өздүк максат болгон эмес . Акырында , К Маркстың оюу боюнча коомдук өз алдынча башкаруу » түзүлүшү керек . өзүнүн функциясы боюнча коомдогу баардык мүчөлөрдүн эркиндикке жетиштүүсүндөгү туруштук берүүсү . Совет бийлиги учурунда К . Маркстын жарандык коом жөнүндөгү бир да эмгегине көңүл бурулбай келген . Өткөөл шартта К . Маркстын : « Жарандык коомдун талаптары - кандай класс ошол тапта басымдуулук кылганына карабастан - мыйзамдын чегинде баардык мыйзамдарды алыш үчүн , мамлекеттин эрки аркылуу өтүүдөн кача албайт . . . Мамлекеттик эрк жалпысынан жарандык коомдун муктаждыктарын аныктайт »[24].

М . Вебер динди социалдык кыймылдын бутагы , адамдын койгон максатына активдүү багыт берүү өзгөчө чарбачылыкта , социалдык , саясий , психологиялык факторлордо . Андан тышкары М . Вебер ошол динди саны жагынан колдогондордун жана тарыхы жагынан коомдо алгылыктуу орун алгандарды « Дүйнөлүк дин » деп эсептеген . Дүйнөлүк диндерге салыштырма - тарыхый анализ жүргүзүп , дүйнөгө болгон үч чоң көз караштык мамилени белгилеген :

- дүйнөгө ылайыкташтырылган дин ( конфуцианство жана даосизм ) :
- дүйнөдөн качууга аргасыз болгон дин ( индуизм жана буддизм ) :
- дүйнөнү ээлей турган дин ( иудаизм жана христианство ) .

Бүгүнкү социологияда дин өзүнчө бир социалдык институт катарында каралып келе жатат . Анда ал өзүнө социалдык норманы , ролду , салтты , ишенимди , жүрүм - турумду , жөрөлгөлөрдү камтый турган институт , социологиянын өзүнчө бир объектиси катары каралып келет . Дин Адам баласынын жашоосунда конструктивдүү оорунга ээ жана тарыхый өнүп өсүү менен , илим менен бирге өнүгүп келе жатат

[24] . Маркс К . , Энгельс Ф . Соч . , 2 изд . , Том 21. С310.

## Глава 2. Кыргызстандагы диний уюмдардын коомго тийгизген таасири

### 2. 1. Азыркы учурдагы Кыргызстандагы диний абал

Кыргызстанда исламдын азыркы учурдагы абалы , анын дүйнөлүк саясатка жана эл аралык мамилелерге тийгизген таасири , анын ичиндеги агымдар жана багыттар , деструктивдүү көрүнүштөр , аларды шарттаган себептер жетиштүү изилдене элек . Бул багытта айрым макалалар , брошюралар жарык көргөн менен фундаменталдуу изилдоолор жок . Коомдук гуманитардык илимдерибиздеги бул кемчиликти республикабыздын тышкы иштер министрлигинин дипломатиялык академиясынын тышкы саясатты үйрөнүү борборунун директору , профессор Орозбек Молдалиевдин жакында жарык көргөн « Ислам и Политика : политизация Ислама или исламизация политики . . . » деген фундаменталдуу монографиясы белгилүү өлчөмдө толуктады деп ишенимдүү айтсак болот . Автор өзүнүн 350 беттен турган эмгегинде мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелерден тартып , исламдын дүйнөдөгү азыркы учурдагы абалын , анын ичиндеги экстремисттик көрүнүштөрдүн пайда болуу себептерин терең ачып берген .

Акыркы убактарда Батышта , АКШда ислам динин ичтен да , сырттан да бөлүп жарып , анын агымдарын , багыттарын көбөйтүп , аны экстремисттердин , эл аралык террористтердин дини катарында көрсөтүү аракеттери болуп жаткандыгы эч кимге жашыруун эмес . XX кылым идеологиялардын күрөшү болсо , XXI кылым диндердин айыгышкан күрөштү менен айырмаланат деп божомолдогондор да чыгууда . Америкалык профессор С . Хантингтон өзүнүн « Столкновение цивилизаций » деген эмгегинде аны илимий жактан негиздөөгө да аракеттенген .

Кудай бирөө эмеспи . Аны кабыл алуу , түшүнүү ар кандай болгондуктан адамзаттын көз караштарында байыртадан карама каршылыктуу агымдар , багыттар пайда болуп , эчендеген чыр - чатактар

чыгып келбедиби . Озгочо курч жүрүп жаткан дүйнөлүк ааламдаштырууда дин тутуу маселеси улам татаалдап , эл аралык денгээлге жеткенин ар бир улут , мамлекет сезген , чечүүнүн жолун издеген учур . Буга аракет коргон БУУнун ( ООНдун ) Генералдык Ассамблеясы тарабынан өткөрүлгөн « Дин - тынчтык үчүн » деген конференцияга Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы дин агенттигинин директору Каныбек Осмоналиев катышып келди .

16 - октябрдан 21 ине чейин Филипин мамлекетинин Манила шаарында Бириккен Улуттар Уюмунун элитасынын алдында беш жылда бир болуучу « Дин – тынчтык үчүн » деген маселеде Генералдык Ассамблея болду . Ал Азия өлкөлөрүнүн дин боюнча министрлердин конференциясы . Бардык өлкөлөрдөн конфессиялардын 350 өкүлү чакырылыш . Негизинен : ислам . будда , йуда , католик , христиан , алардын ичинен , протестант дининдегилер . Кыскасы , Азия өлкөлөрүне кенири таралып жаткан диндердин лидерлери катышышты .

Бардык конфессиялардын ресурстарын коомдун стабилдүүлүгүн камсыз кылууга бургандыгы менен чоң мааниге ээ болду . Конференциянын « Дин - тынчтык үчүн » деп аталышында эле көрүнүп тургандай диндердин өз ара чыр - чатактарын болтурбоо , идеологиясындагы , иш багыттарындагы адам баласына кызмат жасоого , жакшы жолго , тынч , ынтымактуу турмушка чакырган асыл нарктарын жайылтуу маселелери кеңири талкууланды . Конференциянын ачылышында Филипин мамлекетинин президенти Глория Марапагал Арройа катышып сөз сүйлөдү . Филипин өлкөсү Азиядагы кападан жалгыз христиан мамлекети болуп эсептелет экен . Жалпы калкынын osoын католиктер , 3 % ын мусулмандар , калганын протестант жана башка индегилер түзөрүн айтышты . БУУнун Генералдык катчысынын видео кайрылуусу көрсөтүлдү .

Азия өлкөлөрүнүн туруктуу конференциясынын Генералдык секретары Сангум Ким мырза бүгүнкү күндөгү Азия континентиндеги диний кырдаал жана конфессиялар ортосундагы жетишкен жактары , чечилип жаткан жана

чечиле турган курч маселелер , жалпы киімін адамзаты оприш мото кое турди прогрессивдүү прогномалар тууралуу суилоду.

Дін боюнча иш алып барган ар бир олсун андерлери кандаil умуштарды аткарып жатышкандыктары конундо , у мамлекеттериндеги долині абалы тууралуу кызыктуу , олуттуу , уроо турган улуттук отчетторун беришти .

Конференщияда те огоруп жаткан ааламдаштырууда адамзатты олуттуу маселеси болгон диндин проблемаларын чечүү которүлдү . Негизги максат элдин динге болгон аң - сезимин , мамилелерин которүү менен бирин - бири түшүнүп , урматтан туруктуу ч турмушту камсыздоого жетиштүү болду .

Мисалы , булдиеттер одрүнүн пленардык кеңешмесинде кытай , шириланка , корен , или , пак , пом , донен мамлекеттериндеги буддисттердин тагдырулары , учурдагы абалдары , конституциялык укуктары жана міндеттерін қалай аткарылып жаткандыгы , корголгондугу , камсыз болгондугу аябай кеңири айтылды . Филтиндин президенти Глория Магаагал Арроіа экинчи жолу чыгып соз суйлоду . Ар бир конфессияны отчётула курч суроо - жооптор болуп , пикирлер айтылып , жалпыга пайдалуу уюштурулду

Кыргызстандагы азыркы дин боюнча кырдаалды , окуяларды алар чак эле басып егүүтүр . Алар олорунун мамлекеттеринде дердик порцияда турган салттуу дилерлі аныктап камсыздап алышыптыр да , ошолордун бардыгынын коз караштары жалпысынан мамлекеттин тынчтыгынын нуруктуулугуна багыттылышына жетишиптир . Ошол басып откон тажры болары боюнча басым састі , кеңири сот болду . Билим берүү ситеты биринчи орунга коюлганын белгилепти , Себеби кончүлүк жаштар бир динден экинчисине отрондо көбүнчө эле ошол окон диндин ненти баалуулуктары кандай экендигин түшүнбөгөндүгүнөн үй - бүлөнүн , жакындарынын , коомдун ортосунда пикир келишпестик чыгып , келип – келип

мамлекет чече турган деңгээлге жетерин болгон тажрыйбаларынын мисалында айтышты .

Христиандарда да чоң маселе бар экен . Мисалы Филипин мамлекетинде салттуу католиктер боло турган болсо кийинки учурларда протестанттар , присвчяндар , тидесятниктер , йога , жахабанын өкүлдөрү көбөйүп кеткен . Так эле бизде , Кыргызстанда болуп жаткан окуялардын өзү . Аларды чечүүнү мыйзамдаштыруу аркылуу жолго коюуга токтолушту . Мыйзамга кандайдыр бир жоболорду , нормаларды киргизип , оор кырдаалдардан чыгышыптыр .

Индияда негизинен буддизм . Анын ичинен кришнандардын , валтинавдардын мусулмандар менен проблемалары бар экен . Бирок ушулардын бардыгын мамлекеттин же конфессиялардын деңгээлинде болобу түшүнүүчүлүк менен чечишүүдө .

Кыргызстандагы учурдагы диндин абалы боюнча эки жолу баяндама жасадым . Бизди дагы эле коммунисттик идеологиянын туткунунда , атеисттер деп түшүнүшөт экен . Биз жөнүндө так , даана маалыматтары жок экен . Мен Докладда оз алдыбызча эркин мамлекет экендигибизди , Конституциябызда дин эркиндиги , укугу жазылгандыгын айтканымда , аябай таң калышты . Оте чоң эркиндик , укук берилгендиктен , тескерисинче диндик карама каршылыктар пайда болуп жаткандыгы тууралуу билдирүүгө туура келди . Бизде диндин чыныгы баалуулуктарын мектептерде окутуу маселесинин зарылчылыктары келип чыккандыгын айттым . Туура дешти . Качып . жашырынып жүрүшкөндөрү менен баары бир ал аз - аздан топтолуп , жарылуу болушу мүмкүн . Ошондуктан дүйнөлүк тажрыйбаны пайдаланышыңар керек деп кеңештерин беришти . Мисалы алардыкындай мектептерде дүйнөлүк диндердин , ири конфессиялардын тарыхын окутсак болот . Бала мектепти

бүткөндөн кийин өзүн бекем ишендирген туруктуу коз караш менен калыптанып чыгат [25].

Анан 1991 - жылы чынында эле абдан либералдуу мыйзам кабыл алгандыгыбыздан бизде деистриптиктик , экстремисттик маанайдагы секталардын көбөйүп кеткендиги тууралуу маалым . Эми кача албайсыңар . белгилүү тарыхый кырдаалда кааласаңар , каалабасаңар да алар болот . Келип келип эле элиңердин бөлүнүп - жарылбаган биримдигине байланыштуу . Элиңердин салтына туура келген , өзүңөрдөгү диндин баалуулуктарын сиңирип алса , бул сыноодон өтөсүңөр . Эгер тыйсаңар , куугунтуктасаңар кайра күчөшүп , жашыруун иш алып бара башташат деген пикирлерин бир нече эксперттер , лидерлер айтышты .

Ошол 17синен 21 - октябрга чейин болгон VII конференцияда декларация кабыл алынды . Биринчиден , дин эркиндиги бул адамзаттын өзүнүн чыныгы баалуулуктары экени эске алынсын деп баса көрсөтүлдү . Себеби , ар кандай идеологиялык саясатта адамдар динди эркин тута албай жүргөндүн натыйжасында ошол диндин айынан согуштук абалдар болгондугу , XXI кылымда ал кайталанбаш керек дешти . Тынчтыкты камсыз кылуу баалуулуктары биринчи орунга коюлду . Нормативдик , укуктук талааны түзүү , мамлекет менен дин уюмдарынын ортосундагы мамиле алдын алып такталган мыйзамдардын негизинде болушу керектиги кескин көрсөтүлдү .

Билим берүү маселеси , стекулярдык билим алабы же диний билим окутулабы ачык - айрым болуш керектиги сунушталды . Конфессиялар ортосундагы ынтымакка жетишүү , ар бир дин өзүнүн курамындагы экстремисттик , дейстриптик элементтерден арылуу жөнүндө маселе катуу коюлду . Ошол терс көрүнүштөр менен ошол диндин өзү күрөшүүсү көрсөтүлдү . Мисалы , буддизмде , исламда , христианда жана башка салттуу

---

[25] Марин ТАЙЧАБАРОВ . Диний жоопкерчилик күчөтүлбосо күлге отуруп калабыз. Диний жоопкерчилик күчөтүлбөсө күлге отуруп калабыз . / / " Кыргыз Туусу " , 11. 2008.

диндерде согуш чыксын деген түшүнүк жок да . Аны пайда болгон секталар ! жамынып алышып , бутуп - жарышууда . Мисалы , биздеги « Хизб - ут Тахрирлер » , вахабизм сыяктуу . Ошондой эле ресурстарды , болгон мүмкүнчүлүктөрдү ортого алып , чогуу бирдикте күрөшүү баса белгиленди .

Биздеги диндин азыркы абалын карап , салыштырып катуу тартипке келишибиз керек экен деп калдым . Мамлекет диндердин багытын . жоопкерчилигин аныктаган мыйзамдар менен көзөмөлдөгөн мыйзам актыларды , жоболорду иштеп чыгуу зарылчылыгы жетиптир . Ошондуктан дин боюнча жаңы мыйзамдын долбоорун биз даярдап , Өкмөт кошумчалап , толуктап , Жогорку Кеңешке сунушталды эле , ЖКнын төрт депутаты дагы өздөрүнүн долбоорлорун сунушташкандыктан , бардык долбоорлордон жалпыланып , депутаттардын атынан жаңы мыйзамды сессияда талкуулап , бекиткени жатат . Бул маселенин өтө олуттуулугун караңыз , мамлекеттик коопсуздук кенешинде үч , Жогорку Кеңеште эки , бир нече мертебе фракцияларда , көз карандысыз коомдук уюмдарда тынбай эле кызуу талкуулар жүрүүдө . Буюрса иштей турган , коопсуздугубузду кепилдеген жакшы мыйзамга ээ болобуз .

Кыргызстанда **3718 диний уюм** , миссионерлер катталгандыгы , 1991 - ) жылкы Мыйзамдын өтө жумшак кабыл алынып калгандыгы . Чындыгында ошол мезгилде кемчилик болгон . Айрым мамлекеттерде динге тыюу салуулар бар экен . Биз да алардай мыйзам менен чектесек , өздөрүндө болот да , жок адам укугун бузбагыла дешип бизге тыюу салган күчтөр болууда . Кыргызстанды андай сыноо талаасына айландырбайбыз . Жаңы Мыйзам кабыл алынып калса , бул жагдайдагы иштерибиз бир топ алга жыла турган өзгөрүүлөр бар. [26]

Көп өлкөлөрдө динди эркин коё берген эмес . Мисалы , ошол эле Японияда , Кореяда буддизмди мамлекеттик түзүүчү дин дешет экен .

[26] Марші ТАЙМАБАРОВ Дпі жоопкерчилик күчтүлбосо күлге отуруп калабы Диний жоопкерчилик күчөтүлбосо күлге отуруп калабыз » / / " Кыргыз Туусуп" , 11.2008

Малазияда калкынын 57 % ын мусулмандар түзүп,Конституциясында ислам динин мамлекеттик түзүүчү дин деп киргизишиптир.Жүрүш -туруштарынын, жумуштарынын баары светский , бирок Премьер - министри , спикери , королу , министрлери өзүлөрүнүн динин кабыл алышып ,исламды таанышат . Албетте . мындай көрүнүш карама - каршылыктарды жаратууда . Бирок мамлекет өзү чечүүчү милдетти активдүү аткаруу зарылдыгын турмуш чындыгы көрсөтүүдө . Биздин салтка , салттуу диндерибизге туура келбеген сатанизм , марондор , ал тургай түндүк , түштүк Кореяда тыюу салынган муна Кыргызстандан каттоодон өтүүгө өтө аракет жасап , айрым адамдарды тартып жатпайбы . Өзбекстанда « Хизб - ут Тахрир » уюмунун пропагандалык , экстремисттик иштерин жүргүзгөндөр кармалса түрмөгө 20 жылга чейин кесилишет . Бизде эски мыйзам боюнча эки жылга жазалоо каралган . Ошондуктан жаңы мыйзамда чара көрүүнү , жоопкерчиликти арттырууну күчөтүү жагы да каралган . Он жети жылдан бери топтолгон маселелерибиз кылдат иликтенди .

Соңку мезгилдерде кыргыз жаштары арасында динге берилген кыздар көбөйүп баратканы айтылууда . Бүгүн хижаб кийген кыз - келиндерди байма бай жолуктурууга болот . Дин эксперттери муну улуттук идеологиянын жоктугу , жан дүйнөнүн боштугу менен байланыштырышууда . Күмүшай азыр 10 - класста окуйт . Ал курбу кыздарынын таасири менен мындан беш жыл мурда намаз окуй баштаган . Ар жума күндөрү мечитке келип намаз окуп , дуба кылып кетет . Күмүшайдын динге берилип кетишине бул багыттагы маалымат , тасмалар да таасир бериптир . Азыр ал ата - энесин динге , намаз окууга тартып , аракет кылып жаткан чагы экен . Күмүшайдын намаз окуп , динге берилишин , хижап кийип жүрүшүн башында ата - энеси колдогон эмес . " Азыр алардын көз карашы өзгорду " , - дейт . –

Башында ата - энем хижап кийишиме уруксат бербай жаткан . Кийин дуба кылып атып , Алла өзү алардын жүрөгүн ачтыбы , негедир макул болуп калышты , - *деп таң калат ал* . - Мектепте жоолук салынганга уруксат

беришпейт . Ошондуктан , мектептен сырт салынам . Эгер мен мектепке эртең мененки багымдат намазын окуп барсам , жакшы баа алып , эжелер да урушпай ошол күн жакшы өтөт . Эгер намазды каза кылып , окубай калсам , же амалым түз болбой калса , сөзсүз бир нерсе болот . Ошол себептүү да намазга таянып калдым .

Ал эми 21 жаштагы Элзаттын динге берилип , беш убак намаз окуп калышына агасы түрткү болгон . Ал намаз окуп баштагандан тартып жашоосунда , мүнөзүндө да көп өзгөрүүлөр болгонун айтып берди : - Мисалы , калп айтпаш керек , башкаларды ушактабаш керек деген сыяктуу нерселерди дайыма эстеп жүрөсүң . Чындыгында , бир гана Аллага сыйынып , Алладан сураныш керек дегенди түшүнүү бизге азыр жакшы жете баштады . Ошондуктан кыздар көбүрөөк динге кирип , ишене баштады деп ойлойм . Муну мен учурда модага айланып кетти дегенге кошулбайм .

Соңку мезгилдерде динге берилген кыз - келиндердин көбөйүшүн " Мутакалим " мусулман аялдарынын прогрессивдүү коомдук бирикмесинин төрайымы Жамал Фронтбек кызы жакшы көрүнүш катары баалайт . Анын айтымында , учурда мечиттерге баргандардын 70 - 80 % жаштар түзсе , басымдуу бөлүгү - кыздар . –

Чындыгында , мурунку коммунисттик " застой " кетип , биз эгемендик алгандан кийин динди окутууга мүмкүнчүлүк түзүлдү . Мечит , жамааттардан дин тууралуу маалымат алган соң , кыздар ишенимди өздөрү кабыл алып жатышат го деп ойлойм . Азыркы жаштар өздөрү кызыкмайынча эч нерсени кабыл албайт . Кабыл алып жатса , демек , бул жаштарга жагып жаткан нерсе .

Кыргызстандагы диний эксперт Кадыр Маликов жаштарды алдыга сүйрөй турган улуттук идеология болбогон соң , алар негизги жол катары динди тандап алып жатышат деген ойдо . Эксперттин айтымында , мындай көрүнүш азырынча улана берет .

Чынын айтканда , бул , биринчиден , идеологиялык , жан дүйнө жана нравалык боштук менен байланыштуу . Андан сырткары азыркы жашоонун

кыйындыгы , жумушсуздук , жакырчылык , мыйзамдагы адилетсиздиктин баары айрыкча жаштар арасында динден жол издөөгө алып барат . Экинчи жагын алганда , башка диндерге салыштырмалуу , исламда азыркы жашоого жоопторду табууга болот . Мисалы , андан кантип жашоо керектигин , адамдарга кандай мамиле жасоо жана Кудайга кайрылуунун жолдорун таба аласың . Ошол себептүү жаштар учурдагы кризистен чыгуунун алтернативдүү яколу катары да динди тандап алышууда . Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш . Менимче дүйнө жүзүндө , КМШ өлкөлөрүндө , ал тургай Батышта да абал ушундай эле ,

Түштүк аймагында мектептерден да мечиттер көбөйдү . Бирок молдо имамдардын сабатсыздыгынан мусулмандар экстремисттик мүнөздөгү башка динге же агымдарга өтүп кетип жатышкандыгы көбүрөөк байкалуууда .

Расмий маалыматка таянсак , Кыргызстандын түштүк борборунда 46 , Ош облусунда 590 , Баткен облусунда 232 , Жалал - Абад облусунда 457 мечит катталган . Мындан тышкары , түштүк аймагында дагы 200 чакты мечит каттоосуз эле иштеп жатат .

Анализ айгинелегендей , түштүк мечиттериндеги имам , найиб . сопулардын 50 пайыздан ашууну сабатсыз . Ошон үчүн ислам ибадаттарын толук бойдон элге сиңирүү кыйынчылык туудурууда . Атүгүл эл арасында экстремисттик маанайдагы башка динге откондер арбып , мусулмандар арасында түшүнбөөчүлүк жана аразлашуу кыйла курчугундай . Ошондой эле мечиттердин санынын мынчалык көптүгү өлкөгө баш оорутма алып келгенден башкага караган жок . Андыктан , мындай жайларды кескин түрде кыскартып , аларды жон эле намазканага айландырабыз го , чамасы - дейт Дин боюнча мамлекеттик агенттиктин түштүк бөлүмүнүн башчысы Курбанаалы Узаков ,

Ош облус губернаторунун орун басары Гүлайым Машрапованын эсебинде 7 райондо 590 мечит ,16 медресе ,1 ислам институтуту катталган . [27]

Жогорудагы көрсөткүч аймактагы мектептердин санынан да ашып түшөт . Окуучулар агартуу мекемелерине караганда диний жайларга көбүрөөк каттап калышты , ал жактарда эмнелерди окутуп жатышат , Кудай билет , - деп коңгуроо какты вице - губернатор Гүлайым Машрапова . –

Облустук бийлик материалдык - техникалык базасынын жоктугуна , кадрлардын сабатсыздыгына жана окуу куралдарынын жетишсиздигине байланыштуу 16 медресенин 13үнүн ишин убактылуу токтотту . Мындан тышкары мечиттердин ишин да кайрадан караштырып жатабыз . Бөйрөктөн шыйрак чыгарганга көнгөндөр ызы - чуу кылгандай , бул аракетибиз динге карата эч кандай кысымчылык эмес . Аны саясатташтыруунун да кажети жок

. Ош облус казысынын орун басары Абдымалик Турсунбеков облакимчиликтин маалыматын четке кагып , 5 - 6 гана медресе убактылуу жабылгандыгын билдирди .

Аткаминерлер кадрлар билимсиз дешкенине, чынында , ишенбей турам . Өнүккөн мусулман олкөлөрүндөй мамлекет тарабынан диний мекемелерге каражат ажыратылбагандыктан , дасыккан молдолор , мударистер,мүдүрлөр , а түгүл райондун имамдары чет өлкөлөргө маяналуу иш издеп кетип калышууда . Мамлекет андан көрө ушул жагын ойлонсо болмок .

Убактылуу токтотулган медреселердин ишин да кайра жандандырууга аракетибиз күч . Мындан ары диний окуу жайларда үч баскычта окутууну көздөп жатабыз . Башталгыч , орто жана жогорку билим берүү кадрлардын сапатын жакшыртууга өбөлгө жаратат деген үмүтүбүз чоң .

Ошентсе да , жергиликтүү серепчилердин баамында , молдо имамдардын сабатсыздыгынан мусулмандар экстремисттик мүнөздөгү башка динге же агымдарга өтүп кетип жатышкандыгы көбүрөөк байкалууда .

---

[27] «Дин кызматкерлеринин сабатсыздыгы экстремисттердин кобойүшүнө ынгай жаратууда », -//«Инфоцентр Антитеррор » , 30 инвари 2009.

Мисалы , дин таануу илиминин доктору Ниязаалы Арипов мунун өзүн жаман жышаан катары сыпаттайт .

Канткен күнде да , Кыргызстандын түштүк аймагында исламга ибадат кылуу үчүн мечиттер байма - бай ачылып , көбүндө жетиштүү шарттар түзүлгөн . Албетте , калкынын 80 чакты пайызын мусулмандар түзгөн республика үчүн бул жакшы көрүнүш . Бирок , дин эркиндигинен ашкере пайдаланып , исламдын өнүгүшүнө жолтоолук кылгандар көбөйдү . Алар өлкөдөгү чаржайыт акыбалдан куп пайдаланышууда . Карасаңар , кичинекей мамлекетте 2 миңден ашуун диний секталар катталыптыр . Мындай башаламандык экстремисттик маанайды күчөтүп , мусулмандардын башка динди аркалоосуна ( празелитизм ) ыңгай жаратууда . Эң өкүнүчтүүсү : христиан өлкөлөрүндө тутунбаган диндер Кыргызстанда кеңири жайылтылууда . Мында миссионерлер мекендештерибиздин аң - сезимине психологиялык террор жасап , өздөрүнүн уюмдарына бат эле имерүүдө . Ушундай аракеттердин акыры жакшылык менен бүтпөсүн эскерте кетмекчимин . Себеби , мусулмандар арасындагы түшүнбөөчүлүк жана араздашуу эл ынтымагына оңбогондой доо кетирип , көңүл бурбай койсок , коомду адеп - ахлак кризисине тушуктурат .

Кыргызстандын түштүгүндө улам тамырлап бараткан « Жаңы турмуш » ( « Новая жизнь » ) уюмунун өкүлү Нургазы Ташболотов алардын дарегине айтылган сын пикирлерге макул эместигин төмөнкүчө туюндурду :

Бизди ээрчигендер - " жалпысынан мусулмандар . Алар Иса машайыкка , орустар айтмакчы , Иссус Христоско ишенишет . Мунун эмнеси жаман ? Өлкөдө ким кайсыл динди тутунат өз эрки да . Анын үстүнө бизде бардык иш - чараларыбыз бекер . Мисалы , атайын курстар , семинарлар , спорттук мелдештер бүт акысыз . Биз эч кимди мажбурлап же үгүттөбөйбүз . Айрыкча жаш кыз - уландар биздин уюмга өздөрү келишет .

Ал эми өлкөдө тыюу салынган « Хизбут - Тахрир » диний - экстремисттик уюмунун мүчөсү Дилшодбек аларга карата мамилени өзгөртүүгө мезгил жеткендигин белгиледи :

Биз мамлекеттик түзүмдү күч колдонуп өзгөртүүгө дээринен каршыбыз . Болгону адамдар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп , нукура ислам мамлекетин орнотууга үндөйбүз . Эми укук коргоо органдары ушундан да кыйкым издеп жатышпайбы . Коомдо жашаган инсандар ар кандай пикирлерди айтууга акысы бар да . Бийликке жакпаган ойлору үчүн камап же соттоштун , менимче , кажети жок .

Оштогу « Адам укугу жана демократия » борборунун башчысы Идирис Кубатбековдун ою боюнча , мамлекеттик Дин агенттиги жана жергиликтүү бийлик айрыкча түштүктө диний кырдаалдын дагы курчуп кетишинен чочулап , мыйзамды күчөтүп , диний экстремизге катыштыгы бар жарандарды аёосуз жазалоого ыктады . Буга былтыркы Орозо Айтта Ноокат тополоңун уюштургандардын хизбуттахрирчи деп айыпталып узак мөөнөткө соттолушу айтине . Албетте , медреселерди же мечиттерди чекесинен жабуу менен маселе чечилбейт . Андан көрө катталган же эсеби жок диний жайларды кылдат текшерип , шектүүлөрүн аныктагандан кийин гана кескин чара көрүшсө болмок .

Жергиликтүү серепчи Санжар Тажиматов дегеле диний куугунтук жакшылыкча бүтпөйт деген позицияда : -

Коом туңгуюкка кептелди . Кай жакты караба , туташ адилетсиздик . Ошон үчүн адамдар акыйкатты акыркы жылдары динден издеп калышты . Бул жерде кайсыл агым же секта жарандарды кризистен бошонууга убактылуу болсо да азгырууга үлгүрсө , ошолор утуп , эл ошолорду ээрчип кетүүдө . Эң коркунучтуусу мына ушул . Бирок , аны күч менен тыюу

тескерисинче кырдаалды гана курчутат . Менимче , адашкандарга диндердин тарыхын окутуу аркылуу гана туура жолго салуугa али да кеч эмес .[28]

Сыртынан билинбеген менен диний кырдаал Кыргызстандын түштүгүндө өтө опурталдуу . Эксперттер баса белгилешкендей , экстремизм карааны аймакты ачык эле жойлоп жүрөт . Бирок , аны күч менен басуу болбой калды . Мамлекет кандай жолун тандаар экен , жакынкы кадамдарынан билинээри анык .

« Ачык саясат » гезитинин баяндамачысы Баратбай Аракеев макаласынын багытын Кыргызстандагы дин жагдайына буруп , « . . . ошентип ислам дининен чаласабат мусулман кыргыздарга диний фанатизмдин элементтери жылжып кире баштады , накта мусулманбыз дегендердин идеялары идея түрүндө да , доллар түрүндө да тынымсыз келип жатат . заңгыраган мечиттер курулуп , ага балдарыбыз күндөн - күнгө каттап , чапанды дамбалы менен кийип алып , көчө таптап колоктогон сакалчан жаштар . таар жамынган кыз - келиндер көбөйдү , бул жакшылыктын жышааны эмес , бул Кыргызстандын өнүккөн Швейцарияны көздөй эмес , диний фанатизмдин каны - мининен канча кылымдан бери арылалбай келаткан Ооганстанды көздөй бараткан жолу . Ал эми Ооганстан эзели жакшылык көргөн эмес , өмүр бою тоңкочук атып алласына ак урган менен , бирин бири кырып келет , караңгы , билимсиз , акыр , шордуу , ок - дары , кан жыттанып турат » деп баяндап , ошол эле учурда дин иштерин тейлеген атка минерлер ажыга баргандардын акчасын кай жерден жула качсам менен алек болсо , бийликтегилери байлык менен бийлик талаштын кызуусунан бошобой жүргөнүн , ушинтип кете берип таптакыр тоңкочук атып каларыбызды кошумчалады , [29]

[28]« Дин кызматкерлеринин сабатсыздыгы экстремисттердин кобойунуне ынгай жаратууда»,-//« инфоцентр Антитеррор » , 30 января 2009

[29] Шайлообек ДҮЙШЕЕВ . Мектептер турат ЖотКуруп , мечиттер турат жок чийип .-// 17. 10. 2008

Тамырын жайган диний агымдар бүгүнкү күнү Кыргызстанда баптизм агымы . Иегова күбөлөрү , Адвентистер , Евангелистер , Кришнаиддер , Иисус Христос чиркөөсү , Муниттер , Пятидесятниктер , Сеантологдор христиан динин жайылтууда . Айрыкча Иеговага агылган кыргыздардын саны күндөн күнге артууда . Анткени алардын пропагандасы күчтүү . Адамдарды түйшөлткөн алгачкы суроолорго бере турган жооптор сырты жалтырак , кооз китепчелерде даяр көрсөтүлгөн . Алар турмушунан жабыркаган адамдарды оңой эле ишендире алышат . Бул кыймылдын негиздөөчүсү Чарлез Руссел болгон . Уюмдун жактоочуларынын санын көбөйтүү үчүн « Күзөт мунарасы » деген журнал чыгарышкан . « Иегова » сөзү Тooраттагы « Яхве » деген Кудайдын атынан бурмаланып алынган . Бүгүнкү күнү Иегованын күбөлөрүнүн саны дүйнө жүзү боюнча 7 миллиондон ашуун .

Иегованын сыйынуучулары адамдын тагдырын Кудай алдын ала жазбагандыгын айтышса , Евангелистер куткарылгандан соң Иисуска ишенүү менен адамдын кылган күнөөсү туулгандан баштап өлгөнгө чейин кечирилет жана Кудай адамдар үчүн бактылуу жашоо берет деп ишендиришет . Иетовисттер ар бир адам кылган ишине өзү жооп берет дешсе , Евангелисттер куткарылууга чейинки жаңылыштыктын баары шайтандан дешет . Кыргыздардын арасында « баптист болуп кетиптирби » деген танкалыштуу суроолорду жараткан Баптизм агымы 16 - кылымда Голландияда пайда болгон . « barrrизо » грекчеден которгондо сууга чокундуруу деген маанини түшүндүрөт . Бул агымдагылардын пикиринде Инжилден башка чындык жок . Баптистер адамдын кудуретине , акыл - эсине ишенбөө менен кароого , коомдогу бардык нормаларды , мыйзамдарды кабыл албоого үгүттөйт . Тан калыштуусу - кайсыл гана динди тутунуп жүргөндөрдөн сурабаңыз , алар тутунган динден башка диндердин баары жалган экендигин кесе айтышат . Буга алар ар башкача далилдерди келтиришет .

Христиан дини ГІавел аркылуу бурмаланган . Эң алгач христиан дини Кудай тарабынан жиберилген Ыйса пайгамбар аркылуу жайылтылган .

Албетте , ал адамдарды жакшы жолго үндогон . Бирок , кийинчерээк жөөттөрдон чыккан Павел аттуу адам тарабынан христиан дининин кээ бир жоболору озгөрүлүп , кээ бири жоготулган . Ал турсун , айрым жоболор башка өлкөлөрдөгү жергиликтүү диндин жоболору менен алмаштырылып да кеткен . Павел алгач бул динди бутпарастарга жана жөөттөргө таратууну көздөгөн жана кандай гана жол менен болбосун башка өлкөлөргө да жайылтуу максат эле .

Кийинчерээк христиандардын арасында өз ара келишпестиктер пайда болгон . Мунун бир себеби , - христандардын ар кандай улуттардан түзүлүүсүнөн да деп айтылат . Мындай келишпестиктерди жоюу үчүн иш аракеттер жүргүзүлүп , бирок натыйжа чыккан эмес . Жыйынтыгында Армян , Сирия , Эфиопия жана Копти христиандары борбордук чиркөөдөн бөлүнүп кетишкен . Ошентип орто кылымга чейин уланган бөлүнүүнүн натыйжасында , христиандар католиктер , проваславдар жана протестанттар болуп бөлүнүшкөн .

Христиан дүйнөсүндөгү так ушундай келишпестиктер күчөп турган учурда ислам дини түптөлө баштаган . Исламдын пайда болуусу бөлүнүп бараткан христиандарга кооптонууну жаратып , кийин кайра биригүүнү коздошкөн . Жыйынтыгында , ислам өлкөлөрүнө жибериле турган атайын миссионерлерди окутуу иштери башталат .

1646 - жылы Англия парламенти тарабынан христиан динин жайылтуу учун комиссия түзүлөт . Ватиканда 1662 - жылы христиандыкты үгүттөө министирлиги ачылып , министрлик Парижде атайын миссионерлерди даярдоо окуу жайын ачат .

Адамды динге тартуудагы айырмачылыктар . Дүйнө жүзүндө Библияны ( Тоорат , Забур , Инжилди ) окуп - үйрөнүүгө үгүттөгөн миссионерлердин саны жыл санап өсүүдө . Алар Библияны абдан дыкат окуп - үйрөнүшкөн жаш адамдар . Кайсыл гана өлкөгө барышпасын - ошол элдин тилин үйрөнүү алардын биринчи милдети . Мисалы , Бишкекте Жахабаны сүйүүгө үндөп

жүрүшкөн япон улутундагы Око айым жана Уинчоро аттуу мырза Кыргызстанга келгендерине аз гана убакыт болгонуна карабастан кыргызчаны так сүйлөөгө жетишкен . Ал эми « Good news mission » деген эларалык жаштар уюмунун атынан Евангелияны таратып жүрүшкөн Енхи жана жинук аттуу корей улутундагылар дагы аз гана убакыттын ичинде орусча кыйналбай суйлоп калышканына күбө болдук . Ал эми Ислам жолундагы молдолорубуз , тескерисинче , арабча аралаштырып сүйлөп , ал турсун тилдеринде кандайдыр бир акцент пайда болуп калганын байкоого болот . Негизи эле молдолорубуздун сабатсыздыгынан Кудай издегi , кыйынчылыкты башынан кечирип , жан дүйнөсү түйшөлүп турган адамдарыбыз пропагандасы күчтүү диний агымдарга суудай агылууда . Жогоруда айтылгандай , Иегованын ( Жахабанын ) күбөлөрү сырты жалтырак . кооз сүрөттөргө толгон китептерди чыгаруудан акча аяшпайт . Байкап көрсөңүз , Кыргызстанда Ислам динине тиешелүү китептер сатылат , бирок бекер таратылбайт . Ал турсун Арабиядан алынып келинген китептерди бажыканадан алып өтүү да оорчулук туудуруп , алынып өткөндөр болсо которулбай чан басып кала берет . Ислам дини тууралуу билим таратуу Асетишээрлик эмес.[30]

Мындан башка дагы кемчиликтерди белгилеп өтүүгө туура келет . Мусулман болуу үчүн сөзсүз эле этек - жеңиң чалынган ак дамбал - көйнөк кийип , аялдар башы - көзүн оронуп - чулгануу абзел эместир . Өткөн кылымдын дербиштерин элестетип . . . Анан да даабатчылар эшигиңизди кагып калса , аял киши алардан керектүү пикир угам деп ойлобой эле койгонуңуз дурус . Анткени алар аялзатын көргөндө жүзүн башка жакка буруп , үйдө эркектананын бар же жогун гана сурашып , эгер үйдө эркек болгон болсо жума намазга келүүсүн өтүнүшөт . Эгерде ошол эшик ачкан аялзатында жан дүйнөсүн кемирген дин тууралуу суроолору бар болсочу ? Аларга жооп бере турган үйдө эркек киши болбосочу ? Мечитке баруу мүмкүнчүлүгү жок , жаш

---

[30] АзимА АКУНОВА . Тамыры жайган дини ағымдар – Б . 2008,

бала менен үйдө отурса дейли , басууга мүмкүнчүлүгү жок оорулуу дейли . Кыскасы , мусулмандар кайсыл кылымда жашап жаткандарын унутушпаса . Кудай адамдарга диндерди бере электен мурда дүйнө жүзүндөгү бардык адамдар Теңирчи болушкан . Буддистерден да , христиандардан да сураңызчы , алар дагы муну тастыкташат « Биз да динибизге чейин Теңирчи болгонбуз » , - деп . Ошондо бир ой келет , демек , Кудай да Адамдардын аң - сезимине , кабыл алуусуна жараша бир нерсе берет турбайбы . Диндердин берилгени да бекеринен эмес . Кыскасы , паранжа жамынып , сакал - мурут койгон абал динге тийиштүү эмес , ал ошол кездеги жашоо - турмуштун ыңгайына жараша болгон .

Кээ бир диний уюмдар адамдарды башка нерселерге кызыктырып , мисалы , түштүк Кореядан келген миссионерлер корей тилин окутабыз деп үйге адамдарды алып келүүгө аракет кылышкан . Алар кадимки эле үйде жашашат . Жана ошол жашап турган чатыр алдын « Церковь » деп атап алышкан . Алардын айтымында , жашап жаткан үйүнүн төлөө акысын , ичип жеген тамагынын акчасын да Түштүк - Корея каржылайт . « Билесиңби , бизге жиберилген акчалар бир тууган эже - агаларыбыздын ( братья , сестры ) иштеп тапкан мээнетинен чогулат » , - деп жооп берген мага корей келини Енхи . Сөзүм кургак болбос үчүн мисал келтирейин : былтыр бир кыз менен жакшы мамиледе болуп калдым . Ал мени Рождествого чакырып , барсам кадимки эле үй экен . Ошол жерге адамдар чогулушат , күнүгө таңкы саат беш жарымдан баштап бир жарым саат Библияны окушат , сыйынышат . Алар ошол жактап жаткан үйүн « Церковь » деп аташат . Мен каршы пикирди айтсам , « Кудай сөзү сүйлонгон якер башкача аталбашы керек » , - деп жооп берген ал . Ал турсун 10 кишинин башын бириктирип , ошол « церконду » каттоодон өткөрүүгө аракет кылып жүрүштү . Бирок , он кишини табуу да кыйынга турду . Алар антип - минткиче жакында эле каттоодон өтүү үчүн 200дөн кем эмес адам болушу керек деген жаңы мыйзам иштелип чыгып , аны Дин иштери боюнча улуттук агенттик жарыялап туру . Каттоодон өтө албай

бушайман болуп келген айрым диний уюмдарга бул билдирүү катуу сокку болгонсуду " . [31]

« Кудаанықын Кудай камдайт » дегендей . . . Айрым диний уюмдардын баш айлантма ишмердүүлүгүнө аяр акыл калчоо дурустур . Мисалы , Евангелизм жаштардын аң - сезимине тескери таасир этип , алардын дүйнөтаанымын чектеп , өз алды аракет кылуу , умтулуу , жашоо үчүн күрөшүү далалаттарын алсыздандырат . « Алгач Кудай сөзүн уккула . Жеке ой пикиринерди калтыргыла . Өзүңөр эч кандай аракет жасабагыла , баардык көйгөйлөрүңөрдү Кудайдын колуна тапшыргыла . өз алды ыкмаларды , жолдорду издебегиле , анткени Кудай эртеңки күн үчүн да кам көрүп койгон » - дешет . Бирок , эртең жашаш үчүн күрөшүү керек деген ой - санааны жоготуу оңойго турбас , Ошентип , ички дүйнөнүн карама - каршы күрөшүүсү башталат . Иеговисттер үйүңө келе беришсе , Евангелистер үйүнө чакыра беришет . « Тууганыңа бара берсең жакын болосуң » - дегендей , бара берип бир күнү аларга байланасың да каласың . Эгерде , алардын ишенимине кирсен миссионер болушуң керектигин акырындап айта башташат . Аял таап берүүнү да , күйөө таап берүүнү да өз моюндарына алышып , ошол динди тутунуп жүргөндөрдүн бирөөсүн сунушташат . « Акырында өлтүрүп коюшат » деген факты азырынча менде жок , бирок өлтүрүп коюнун каймана фактысы ал адамды психологиялык жактан жабыркатып коюу .

Кыргызстандагы диний уюмдар Казакстан , Өзбекстан , Украина жана башка өлкөлөрдөгү өздөрүнүн уюмдары менен тыгыз байланышта . Айрыкча , тупку суюгу » менен . Келип жүргөн адамдардын абалы туралуу маалыматтар тынымсыз жеткирилет . Радио , телевизор деген таптакыр угуп - көрүшпөйт . Ар кандай диний агымдарга кирип кеткендердин басымдуусу аялзаты . Анткени аял табиятынан алсыз , көз жаштуу

[31] А Азима АКУНОВА . Тамырын жайган диний агымдар – Б . 2008

Чынгыз Айтматовдун « Кассандранын көз жашы » романында филофей аттуу космикалык монах Римдик папага кайрылуу жолдойт эмеспи . Кассандра - эмбриондун жарык жашоого келгиси кебегендиги тууралуу белги берүүсүнөн келечектеги киши өлтүргүч , сойку , кылмышкер , бангичилердин туулушунан кабар берет да « эмне кылуу керек ? » деген суроонун жообун адамдардын оз эркине коет . Ошондо америкалыктардын дүң түшүп , толкундоолору бир укмуш ( кудум 2005 - жылдагы Кыргызстандагы саясий абалдай ) . Ошондой эле , Атлантика океанындагы киттердин дээрлик массалык тобу өзүн өзү жээкке таштап , өлүмгө дуушар болгону да жазылат . Жана бул көрүнүш бүгүнкү күнгө чейин чечилбей келген табияттын табышмагы . . . Дин дагы ушундай . Суроо үстүнө суроо жаратып , анын жооптторун Кудай сөзүнөн издөөгө мажбурлайт . Кыскасы , биздин күнөөлүү жашообузда нелер гана болбойт ?

Кыргызстанда диний кырдаал бүгүн өтө татаал , өтө оор . Эмнеге дегенде , өзүңүздорго белгилүү болсо керек , Кыргызстанда бүгүнкү күндө 2158 ар кыл диний агымдар катталган . Бул биздин Кыргызстан үчүн өтө көп . Мейли эки миң эмес 5 - 10 миң болсун . Бирок булардын көпчүлүктөрүнүн максаттарын карап көрсөңүздөр , мисалы миссионерлердин жасаган иштерин . Дин тутуу эркиндиги жөнүндө мыйзам 17 жыл мурун кабыл алынган , ошого да туура келбеген иштерди жасашкан . Ошонун негизинде бүгүнкү күндө Кыргызстан үчүн керек болсо коркунуч туудуруп атат . Мисалы ала турган болсок « Хизб - ут Тахир » партиясынын жасаган иштери , Кыргызстанда бул партияга тыюу салынганына карабастан ал өз ишин активдүү жүргүзүп атат . Христиан - баптисттер , Иегова күбөлөрүнүн жасап аткан иштери чындыгында ойго сыйбай турган нерселер .

Күрөшүү үчүн дагы бир башкача мыйзам керек . Ал эми биздин жасаган мыйзам бул кырдаалды тартипке салыш үчүн керек . Бардыгыбыз эле Кудай деген жанбыз , бирок ошол эле учурда , бизде медреселер , баптисттердин сыйынуу , дуба кылуу үйлөрү бар . Бардыгын карап көрсөңүздөр , Кудайдан

башка эч нерсени үйрөтпөй атат . Биз билим берүү системасын да караганбыз бул жерде . Мисалы кечке эле Куранды окутуп , же Кудай дей берсеңиз дагы болбой калат . Бизде билим берүү жөнүндө закон бар . Себеби медреседе , Ислам университетинде , же баптисттердин , христиандардын өздөрүнүн дуба кылуу үйлөрүндө окугандарга философия , математика , история , химияга окшогон сабактар дагы кириш керек . Мына ошондо гана билим алып аткан балдарыбыз ар жактан өркүндөгөн болуп саналат .

## 2. 2. Жаштардын динге болгон көз карашы ( социологиялык талдоо )

Белгилүү болгондой , ата - энелер жана тарбия берүүчүлөр балдарын аманчылыкта , адашуудан , элге караганда сак келишет . Баланы тарбиялоодо бизге баштапкы негиздерди жакшылап билүү керек жана ага айлана чөйрөнүн тийгизген таасири абдан чоң .

Тарбия жаатында алектенишкен окумуштуулардын айтымы боюнча , эне атанын мээримин жеткиликтүү түрдө көрбөгөн баланын ички дүйнөсү жарды ( кемчиликтүү ) болуп чоңойот . Натыйжата ал , өзүнүн жашоосунун негизинде көзү жетпей , анын жүрөгүнө үмүтсүздүк орношот . О . э . ал балада шектүү сезим көбөйөт же ач көз болуп көзү тойбой канааттануу жоголот . Ал эми , кээде бул жашоо - дүйнөсүнөн өч алуу максатында уурулукка , алдоого же куулук кылууга барат .


Кимдин үстүнө бала тарбиялоо жоопкерчилиги жүктөлгөн болсо , ал баланын толук жетиктүү инсан болуп өсүүсү үчүн канчалык даражада сүйүүгө , мээримдүүлүккө муктаж экенин түшүнсүн . Себеби , жаш баланын Мээримге болгон муктаждыгы анын тамакка же кийимге болгон муктаждыгынан кем эмес . Атүгүл , кээде жаш балдар тамактын аздыгынан же начардыгынан ооруп калганы сыяктуу эле , Мээримге суусагандыгы себебинен ооруга чалдыгуусу мүмкүн .

Ата - энеси же тарбиячынын балага жакшы мамиле менен көңүл буруусу аздыгынан , аны жакшы көрөөрүн байкай албайт же байкаса да ( ошол учурда ) ишенбет . Көпчүлүк адамдар ойлогондой жакшы көрүү , мээримин төгүү бул - баланы кучактоо же аны өөп коюу эле эмес . Анын түрлөрү , жолдору өте көп . Биздин назарыбызды арзыбаган кичине көрүнгөн нерселер бала үчүн өтө чоң таасир бериши мүмкүн .


Тарбиячы менен баланын ортосундагы сүйүүнү көбөйтүүчү нерселер : Белек берүү ; жылмаюу ; Жакшы мамиле жасоо ; Ал менен чогуу ( бирге ) болуп , аралашуу , жөнөкөй болуу ( No 1 схеманы караңыз ) ,

**Схема 1**

## Тарбиячынын бала менен чогуу бирге болуунун пайдалары




## Тарбиячы менен баланын ортосундагы сүйүүнү пайда кылуучу иштер :



Сурамжылоодо респонденттерге , « Сиз эмнеге ишенесиз » - деген сурообузга 98 % респондент « Аллага ишенем Кудайга / » ишенеринен маалымат беришти . Бирок , алардын 4 % Кудайга кээде ишенсе , кээде ишенбейт , 2 % респондент өздөрүн атеист экендигин белгилеп откон . Ал эми , Табигый күчтөргө 26 % ишенет . Астрологияга 22 % ишенег ( № 1 таблицаны караңыз ) .

**Таблица 1**

**Респонденттердин ишеними**

| | | Жооп ( % менен ) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Ооба** | **\| Жок** | **жооп бере албайм** |
| | Аллага ишенем Кудайга | 98 | 0 | 2 |
| | Кудайга кээде ишенсем , кээде ишенбейм | 4 | 72 | 24 |
| | Табигый күчтөргө ишенем | 26 | 60 | 14 |
| | Астрологияга ишенем | 22 | 70 | 8 |
| | Атеист | 2 | 86 | 12 |

Динге ишенгендердин 41 % ишенген дининдеги жөрөлгөлөрдү дайыма жасашат . Жөрөлгөлөргө куран окуу , намазга жыгылуу , зияратчылык кылуу , орозо тутуу ж . б . жөрөлгөлөр боюнча соз болгон . Жалпы респонденттердин 42, 6 % жөрөлгөлөрдү сакташат , бирок такай эмес . 6 % респондент , ислам динин туткан жаштар жөрөлгөлөрдү жасашпайт жана 11, 1 % респондент бул суроого жооп бере алган жок .

**Таблица 2**


**Диндеги жөрөлгөлөрдү сактоо**

| No | | Жооп ( % ) |
|---|---|---|
| 1 | Дайыма жасайм | 40,7 |
| 2 | Сактайм , бирок такай эмес | 42,6 |
| 3 | Жасабайм | 5,6 |
| 4 | Жооп бере албайм | 11,1 |

Диндеги жоролголордү сактоодо , Сиз мечитке барасызбы , барсаңыз кандай убакыттын аралыгында ? - деген сурообузга 48 % респондент жумасына бир жолу » , 8 % - « айына бир жолу » , 4 % - « жарым жылда бир жолу » , 6 % - жылына бир жолу » барышат экен , Респонденттердин 34 % - мечитке барбайт . Алардын көпчүлүк пайызын кыздар белгилешти . Жаштардын арасында 48 % жумасына мечитке барышын эки коз карашта карасак болот . Биринчиден жаштардын ислам динине жакшы көз карашта карап , жаман жолдорго барбагандыгы , коомго тийгизген таасиринин , адамкерчилик , ыйман , боорукерлик жана башка жакшы жөрөлгөлөр менен алектенүүсү . Экинчиден , окуп жаткан жаштар , жума күнү мечитке жума намазга барууну мактанчылык катарында , сабактан качып , калптарды айтып , андан кийин өз кызыкчылыктарын көздөп кеткендер да жок эмес . Андан тышкары айрым жерлерде терротистик көз караштагы ислам динин жабынып алган молдолордун сөзүнө киришип , коом үчүн коркуну алып келүүдө . Сурамжылоонун негизги жыйынтыктары менен № 1 диаграммадан таанышсаңыздар болот .

**Диаграмма 1 .**

**Мечитке баргандар**



Жаны муундун үйдөгү же мектеттеги алардан талап кылынган иштерге Харин чыгууларынын көп себеттерин азыркы кезде чечмелей алаттырбыз . Бул - ата же мугалим тараптан келген көрсөтмөнүн бала менен эч кандай байланысты болбогондугунда б . а . сүйүү сезимдеринин ишти аткарууга түрткү берүүчү сезимдерин сүйүү мамилелер менен байланышта толук кандуу болбогондугунда ,

Сурамжылоого алынган респонденттердин 47, 6 % үй бүлөдөгү тарбиянын негизинде динге ишенип калышкан . Ошону менен бирге . 19 % жаштар руханий жактан изденүү жана айланасындагы адамдардын тийгизген таасиринен динге ишенген . 9. 5 % линий адабияттардын тийгизген таасири астында ишенсе , 4, 8 % материалдык кыйынчылыкка дуушар болгондо ишенүүгө мажбур болгон (No 3 таблицаны караңыз ) .

**Таблица 3**

**Динге ишенүүгө түрткү болгон таасирлер**

| No | | **Жооп(%)** |
|---|---|---|
| 1 | Руханий жактан изденүү | 19, 0 |
| 2 | Материалык жактан кыйынчылык | 4, 8 |
| 3 | Үй - бүлөдөгү тарбия | 47. 6 |
| 4 | . Айланамдагы адамдардын тийгизген таасири | 19.0 |
| 5 | . Диний адабияттардын тийгизген таасири | 9,5 |

Тарбиялоочуларга балдар менен иштеше ала турган чойрөнү жаратууга активдүү иш - аракеттерди кылуусу зарыл . Бул үйдүн ичинде ла сыртында да

**Үйдүн ичиндегилер болсо булар :**

Тез кайталанып туруучу отурумдар ( жыйындар ) . Мисалы : тамактануу убактарында . Ата - эне мында кээ бир таасир берүүчү иш - аракеттерди жасай алат . Мисалы : а ) Балага даамдуу тамактан : " бул сага белек " - деген сөз менен тартуу кылуу ( ал канчалык чоңойсо дагы ) , же " ғамак сага ( жактыбы ? " - деген суроо менен ? же " мындан дагы каалайсынбы ? " ж . б . . . . б ) Дасторкондо

кубанычты жаратуучу пайгамбар САВ өмүр баянына , же арнактуу сахабаларынын жашоолорунан , се ата - энелердин балалык чагына жакшы номор , тамаша солордү айтып берүү ;

Үйде же мектеrre тарбиялоочу кичинекей майрамма окшого отурушту уютура алат . Ошол аз убакыттын ичинде пайдалуу оронду откорүп , майрамды алып баруучуну жана балдарды ар кандай ролдорду аткарууга дайындайт . Мисалы , бироо Куранды окуу менен баштаса , башкасы хадис окуп , үчүнчүсү ата - эне же мугалимге тиешелүү сөздөрдү айтат . Кадимки кассетага жазуучу , үндү бийик чыгаруучу микрофондору менен болгон магнитафонду колдонушса болот . Майрамды эстелик үчүн жаздырып коёт . О , тарбиялоону " озүн зарыл жетишкен караты сезе турган ылайыктуу мактоо создерүн айтуу менен тартынчаак баланын жан дүйнөсүн бекемдөөчү болот . Аларга Куран Каримли окуу менен ийгиликке жеткен шейхтин же бир ардактуу мугалимдин артыкчылыктарын айттырабыз ж . б . Бала ардактуу сөздөрдү үйрөнүп жана аларга бекем сүйүү менен амал кылат .

Сейиллоо дагы бала менен тарбиялоочунун ортосундагы жакшы мамилени бекемдейт . Сейилдөө ички дүйнөгө жакшы нерселерди , эскерүүлөрү менен таасир бере турган болуш керек . Ошондо баланын назары Аллах жараткан тоолорго , бак - дарактарга , канаттуларга , айбанаттарга бөлүнүп , Алла Тааланы сүйүүгө , аны улуктоого , анын белгилерине ой жүгүртүүгө , илимий изилдөөгө кызыгуусу пайда болот .

Балдар менен бирге жандуу куруучу ишке киришүү . Мында чектелген максаттар бар . Мисалы : ылайыктуу журналдарды , жакшы китептерди окуу . Өзгөчө сүрөттөрү менен берилген илимий энциклопедиялар , илимий темадагы кызыктуу , таасир берүүчү , көптөгөн сүрөттөрдү камтыгандар балага окууга , изилдөөгө болгон кызыгууну туудурат . Ошондой эле . убакыттан пайдаланууга , космосту , деңиздерди , изилдеген илимий тасмаларды , кээ бир театрлаштырылган пайдалуу оюндарды көрүүгө умтулат . Бул фильмдерди көргөндөн кийин суроо - жооп , дискуссияны

уюштуруу керек . Оору убактарын аны суроо менен , сакайтуусуна , оорудан жеңилдөөсүнө , сабыр кылуусуна кайдалуу .

Динге ишенген респонденттер . Аллага Кудайга ишенимг 39 , 2 % белгилегендей , « жашоонун маанисин » ала алышат . Руханий жактан 23 , 5 0 1 баныса , 27 . 5 % Асашоодогу туруктуулукту ала алат . Болгону 9 , 8 % моралдык колдоого ээ боло алат ( № 4 таблицаны караныз ) .

**Таблица 4**

**Аллага / Кудайга ишениүү эмне берет**

.

| | | жооп ( % ) |
|---|---|---|
| 1 | Жашоонун маанисин | 39.2 |
| 2 | Руханий жактан баюу | 23.5 |
| 3 | Моралдык колдоо | 9,8 |
| 4 | Жашоодогу туруктуулукту | 27,5 |

Сиз башка динге кандай мамиле кыласыз ? – деген сурообузга , 12, 2 % жактыруу менен карашат , 28, 6 % сыйлоо менен карашат , 10, 2 % айырмасы деле жок же ба кайдыгер мамиле кылышат . Ошондой эле 30, 6 % респондент жактырбайт жана 18, 4 % тескери мамиле кылат ( No 5 таблицаны караныз ) .

Эмне себептен , 30, 6 % респондент башка диндерди жактырбоо менен карагандыгы , Кыргызстандагы ар кандай диндердин көптүгү жана башка диндердин маанисин түшүнбөгөндүгү жана аларга 18, 4 % тескери , агрессивдүү мамиле кылышат .

**Таблица 5.**

**Башка динге болгон мамиле**

| No | | жооп ( % ) |
|---|---|---|
| 1 | Жактыруу менен | 12,2 |
| 2 | Сыйлоо менен | 28,6 |
| 3 | Айырмасы деле жок | 10,2 |
| 4 | Жактырбайм | 30,6 |
| 5 | Тескери | 18,4 |

Сурамжылоого катышкандардын дээрлик тени 45, 7 % , линге байланыс кан мыйзамдарды билишпейт . Ошого карабастан , 37 % респондент Кыргызстандагы динге байланышкан мыйзамдарды билишет . Ал эми 17, 4 % респондент жооп бере албайт . Анткени алардын мындай мыйзамдар менен кабары жок ( No 6 таблицаны караныз ) .

**Таблица 6**

**Респонденттердин Кыргызстандагы динге байланышкан мыйзамдарды билүүсү**

| | | Жооп ( % ) |
|---|---|---|
| | Ооба | 37 , 0 |
| | Жок | 45 . 7 |
| | жооп бере албайм | 17,4 |

Диний маалыматтарды жаштар көбүнчө 60 , 9 % диний китептерден ала алышат . Демек , диний китептердин ичиндеги маалыматтарды мамлекеттик тараптан көзөмөлдөөнү күчөтүү зарыл . Диний баракчалар да бирин - бири кайталаган жана бекер таратылгандыктан көчөдө , дааратканаларда , таштандыларда калып жаткандыгы да диний маалыматтарга болгон ишенимден иренжитип койбосуна ким кепилдик бере алат . Ошого карабастан , 8 , 7 % респондент маалыматтарды диний баракчалардан ата алышат . Радиодон диний коз караштагы маалыматтарды сурамжылоого тартылган бир да респондент маалымат булак катары белгилеген жок жана телеберүүдөн болгону 2 , 2 % респондент маалымат алган . Башка ! маалыматтардан , койуналарынан , үй - бүлөсүнөн , туугандарынан , досторунан , даавaтчылардан , мечит , медреселерден жана маалымат алышпайт ала алышат . Жаштар биздин келечегибиз болгондуктан , аларга тура маалымат берүү келечектин ишин алга алган болобуз . Окуу жайларында да тура маалыматтар жөнүндө камтыган сабактар , окуу программалары иштелип чыкса абдан жакшы болот эле ( No 7 таблицаны караныз ) .

**Таблица 7**

**Респонденттер үчүн диний маалыматтар**

**боюнча негизги булактар**

| No | Маалыматтар | Жооп ( % ) |
|---|---|---|
| 1 | гезит , журнал | 4,3 |
| 2 | елеберүү | 2,2 |
| 3 | радио | 0,0 |
| 4 | диний китептерден | 60,9 |
| 5 | диний баракчалар | 8,7 |
| 6 | башка | 23,9 |

Сиз алган маалымат булактар Сизге канчалык деңгээлде таасирин тийгизет ? - деген суроообузга , спонденттердин 36, 2 % абдан жогору баалап беришкен . 29, 8 % орто деңгээлде деп жооп беришти , 19, 1 % жогору бааласа , 2. 1 % төмен баалады . Анын ичинен 12, 8 % жооп бере алган жок , анткени алар дин тууралуу маалыматтар менен тааныштыгы жок ( No 2 диаграмманы қараңыз ) .

**Диаграмма 2**

**Снз алган маалымат булактар**

**Сизге канчалык деңгээлде таасирин тийгизет**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **40,00** | | | | | |
| **35,00** | **36,20%** | | **29,80%** | | |
| **30,00** | | | | | |
| **25,00** | | | | | |
| **20,00** | | **19,10%** | | | |
| **15,00** | | | | | **12,80%** |
| **10,00** | | | | | |
| **5,00** | | | | **2,10%** | |
| **0,00** | | | | | |
| | Абдан жогору | жогору | орто | томен | Жооп бере Албаим |

Азыркы учурда жастар үчүн абдан актуалдуу болгон маселелердин бири үй - бүлө куруудагы салтанатту жөрөлгөлөр боюнча респонденттер төмөндөгүдөй жоопторду берди . ЗАГС жана Нике аркылуу үй - бүлө курууга аракет кылышат . Бул болсо , мамлекет менен диндин шайкеш өнүгүүсүнөн кабар берет . 23, 4 % Нике аркылуу үй - бүлө куруусун жашырган жок , анткени плар кудай алдында ак болсо болдук деп эсептешет . 2, 1 % респонденттер жарандык үй - бүлөдө жашаганды жактырышат . Ал эми 4, 3 % жаштар бул маселе боюнча ойлонуша элек ( No 8 таблицаны караңыз ) .


**Таблица 8**

**Сиз үй - бүлөлү же үй - бүлөсүз болсоңуз төмөндөгү жооптордун кайсынысына кошуласыз .**

| No | | Жооп ( % ) |
|---|---|---|
| 1 | ЗАГС аркылуу | 4,3 |
| 2 | Нике аркылуу | 23,4 |
| 3 | ЗАГС жана Нике аркылуу | 66,0 |
| 4 | Жарандык ( гражданский брак ) Үй бүлө | 2,1 |
| 5 | Жооп бере албайм жооп | 4,3 |

Келечекте диндин негизинде чыр - чатактар чыгышы мүмкүнбү ? - деген суроoбузга 56 , 3 % ресрондент « Ооба , мүмкүн » деп жооп беришти . Анткени акыркы учурдагы түштүк аймагында болуп жаткан окуялар ушундай тыянак чыгарууга мажбур жасайт . Алардын 25 % бул скроого жооп бере албайт » жана 19 % « жок . чыкпайт » деп жооп беришти . Бирок , оптимистердин айтымы боюнча , ушундай социалдык - экономикалык абалда жер - жүзүндө тынчтык орносо экен . Буга албетте , мамлекеттик , дүйнөлүк . жергиликтүү деңгээлде чара көрүшүбүз керек . ( № 3 диаграмманы караңыз ) .

**Диаграмма 3**




Сиздин оюңуз боюнча , эмне үчүн жаштар секталарга кирип кетип жатышат ? - деген ачык суроробузга , жаштар диндин так маанисин билишпегендиктен , материалдык жактан муктаж болгон учурларында ар кандай секталарга өтүп кетишүүдө .

Жаш балдарды тарбиялоодо , ири диндердин көргөзмөсү боюнча тарбиялоо зарыл . Ата - эненин же бала тарбиялоочунун айткан акыл насааттары динсиз бала үчүн жетишсиз же балага акыл - насаат айтканда бийик даражада турган дининин көргөзгөн адеп - ахлагына чыйратыш керек . Себеби . эгерде жаш өспүрүм динисиз тарбияланса ал тарбия ara жетишсиз же жетиштүү болгон күндө да анын ислам динине болгон сүйүүсү жана көз карашы өспөйт .

## Жыйынтыктоо

Кыргызстанда исламдын азыркы учурдагы абалы , анын дүйнөлүк саясатка жана эл аралык мамилелерге тийгизген таасири , анын ичиндеги агымдар жана багыттар , деструктивдүү көрүнүштөр , алардын есептер жетиштүү изилдене элек . Бул багытта айрым макалалар , ороoралар жарык көргөн менен фундаменталдуу изилдөөлөр жок .

Магистрдик иштин максатына жана милдетине жети үчүн социологиядык изилдөө жана адабияттарды талдоо менен жаздык .

Сурамжылоодо респонденттерге , « Сиз эмнеге ишенесиз » - деген суроoбузга 98 % респондент « Аллага ишенем Кудайга / » ишенеринен маалымат беришти . Бирок , алардын 4 % Кудайга кээде ишенсе , кээде ишенбейт , 2 % респондент өздөрүн атеист экендигин белгилеп өткөн . Ал эми , Табигый күчтөргө 26 % ишенет , Астрологияга 22 % ишенет .

Диний маалыматтарды жаштар көбүнчө 60 , 9 % диний китептерден ала алышат . Демек , диний китептердин ичиндеги маалыматтарды мамлекеттик тараптан көзөмөлдөөнү күчөтүү зарыл . Диний баракчалар да бирин - бири кайталаган жана бекер таратылгандыктан көчөдө , даaраtканаларда , таштандыларда калып жаткандыгы да диний маалыматтарга болгон ишенимден иренжитип койбосуна ким кепилдик бере алат . Ошого 1 1 карабастан , 8 , 7 % респондент маалыматтарды диний баракчалардан ала алышат . Радиодон диний көз караштагы маалыматтарды сурамжылоого тартылган бир да респондент маалымат булак катары белгилеген жок жана телеберүүдөн болгону 2 , 2 % респондент маалымат алган . Башка ! маалыматтардан , кошуналарынан , үй - бүлөсүнөн , туугандарынан , досторунан , дааватчылардан , мечит , медреселерден жана маалымат алышпайт ала алышат . Жаштар биздин келечегибиз болгондуктан , аларга тура маалымат берүү келечектин ишин алга алган болобуз . Окуу жайларында

да тура маалыматтар жөнүндө камтыган сабактар , окуу программалары иштелип чыкса абдан жакшы болот эле .

Азыркы учурда жаштар үчүн абдан актуалдуу болгон маселелердин при үй - бүлө куруудагы салтанатту жөрөлгөлөр боюнча респонденттер томондогүдөй жоопторду берди . ЗАГС жана Нике аркылуу үй - бүлө курууга аракет кылышат . Бул болсо , мамлекет менен диндин шайкеш өнүгүүсүнөн кабар берет . 23 , 4 % Нике аркылуу үй - бүлө куруусун жашырган жок , анткени алар Кудай алдында ак болсо болдук деп эсептешет . 2 , 1 % респонденттер жарандык үй - бүлөдө жашаганды жактырышат . Ал эми 4 , 3 % жаштар бул маселе боюнча ойлонуша элек .

**Жыйынтыктап келип , төмөндөгүдөй сунуштарды бере алабыз** :

1 . Ибн Халдундун социологиялык көз каршын мындан ары өнүктүрүү керек жана Батыштын окумуштууларынын эмгектерине таянбастан , Чыгыш окумуштууларынын эмгектерин кеңири пайдалануу абзел ;

2 . Дин социологиясының теориясын жана башка парадигмаларды кыргыз тилинде же мамлекеттик тилде жайылтуу керек , себеби мамлекеттик тилде маалыматтардын аздыгынан илимий деңгээлде иш жүргүзүү абдан кыйын ;

3. Мечиттер менен мечитке баргандардын саны көбөйгөн , өзгөчө жаштардын арасында басымдуулук кылууда дээрлик , 48 % респондент жумасына бир жолу , анын ичинде басымдуулугу эркектер ;

4. Дин тууралуу маалыматтардын деңгээлин жогорулатууда мамлекеттик көзөмөлгө алуу керек , анткени ар кандай маалымыттыр жаштарга таркатылууда , аларга терс таасирин тийгизиши ыктымал :

5. Ар кандай секталарды каттоодо жарандардын коопсуздугун коргобосо , диний чыр - чатактарды ошол секталар алып келиши ыктымал .

## Пайдаланылган адабияттардын тизмеси :


1. Абдылдаев С . Теория направленного взрыва / / Веч . Бишкек . - 2003. - 14 нояб.

2. Азима АКУНОВА . Тамырын жайган диний агымдар - Б . 2000.

3. Бергер П.,Лукман Т.Социальное конструирование реальности.М., 1995.–С.39.

4. Бурдье П . Социологии политики . / Пер . с фран . - М . : 1993. С . 330.

5. Бурдье П . Ошол эле жерде . С . 72.

6. Бурханов А . , Карин Э . Экстремизм в Центральной Азии . – Алматы : анакер , - С . 35.

7. Вебер М . Избранные произведения . М . : « Прогресс » , 1990. С . 628.

8. Варзанова Т . И . Церковь и молодежь / / Социология и общество . Тезисы Первого Всероссийского социологического конгресса « Общество социология : новые реалии и новые идеи » . С . 177.

9. Гидденс Э . Социология . / Пер . с англ . - М . : 1999. С . 97.

10. « Дин кызматкерлеринин сабатсыздыгы экстремисттердин көбейүшүнө ыңгай жаратууда » , - / / « Инфоцентр Антитеррор » , 30 января 2009.

11. Дюркгейм Э . Социология . Её предмет , метод , предназначение . – М . : Канон , 1995. С . 39.

12. Дюркгейм Э . О разделение общественного труда . Метод социологии . Пер . с фарн . - М . : 1991. С . 36.

13. Дворкин А . Л . « Честная игра » сайентологов Миссионерское обозрение . 1996. № 7.

14. Историко - социологический трактат Ибн Халдуна « Мукаддима » . М . , 196 РАХМАТ5 ; Игнатенко А . А . Ибн - Хальдун . М . , 1980 .

15. Ионин Л . Г . Социология культуры ; Учебное пособие . - М . : Издательская корпорация « Логос » , 1996 . - С . 173 - 178.

16. Коранические сказания . М . , 1991 . С . 44.

17.Кравченко С. А. и др.Социология :парадигмы и темы .- М.,1998.-С.420

18. Кузнецова Т . Н . Церковь Объединения как ядро Движения Объединения Сан - Мен Муна / / Миссионерское ободрение , 1997. № 5.

19. Лукман Т . Социальное конструирование реальности . М . , - С . 145.

20. Малтабаров Б . А . Религия и социально - политические процессы в Кыргызстане . – Б . , 2002. – С . 78.

21.Малиновский Б.Магия,наука и религия.Магический кристал.-М.1992.-С.110.

22. Мертон Р.Социальная теория и социальная структура/Соцuе ,1992, 3.С.105.

23. Маркс К . , Энгельс Ф . Соч . , 2 изд . , Том 21. С . 310.

24. Марип ТАЙЧАБАРОВ . Диний жоопкерчилик күчөтүлбөсө күлгө отуруп калабыз Диний жоопкерчилик күчөтүлбесе күлгө отуруп калабыз . – / / " Кыргыз Туусу " , 11. 2008.

25.Молдалиев О.А.Радикальный ислам:угроза или фантазия.Веч.Бишкек.-2003.

26. Мчедлов М . П . о религиозности российской молодежи / / Социологические исследования . 1998. No 6.

27. Отец социологии - Ибн Халдун . Наука , вдохновленная Кораном . Мухамед Саляхетдинов , председатель Ассоциации общественных объединений " Собрание " – 2006.

28. Нетрадиционные религии в посткоммунистической России . Материалы круглого стола / / Вопросы философии . 1996. No 12.

29. Олпорт Г . Становление : Основные положения психологии личности . – М . : Смысл , 2000. – С . 213 – 214.

30. Парсонс т . Некоторые проблемы общей теории в социологии . - М . :ИНИОН РАН , 1994. С . 80,

31. Парсонс Т . Система современных обществ / Пер . с англ . Под ред . Ковolевой М . С . – М . : Аспект Пресс , 1997. С . 24.
32. Парсонс Т . Понятие общества : компоненты и их взаимоотношения / Современная западная теоретическая социология . - М . : 1994 . С . 104.
33. Плетнева М,Владимирова Е.Ловцы душі//Вечерний Бишкек.»28,2000.-С.5.
34. Радклифф - Браун А . Структура и функции в примитивном обществе . Религия и общество . – М . , 1996 . – С . 438.
35. Религиозный экстремизм на юге Кыргызстана набирает темпы / / АКИpress. - 2003. - 13. авг .
36. Сорокин П . А . Общедоступный учебник социологии : Статьи разных лет . М . : Наука , 1994 . - С . 49, 57.
37.Социум и разум.Рационалистические течения в арабо-исламской общественно-политической мысли Средневековья Рационалистическая традиция и современность:Ближний и Средний Восток.М.1990.С.160-164.
38. Социология сегодня . Проблемы и перспективы . — М . : Прогресс , 2004 . – С . 135.
39. Социум и разум . Рационалистические течения в арабо - исламской общественно - политической мысли Средневековья Рационалистическая традиция и современность : Ближний и Средний Восток . М . , 1990 . С . 160 - 164.
40.Социология:парадигмы и темы М.Издательство«АНКИЛ»,1998.С.19-24.
41. Социология молодежи : Учебник / под редакцией В . Т . Лисовского . – СПБ . : Изд - во С . - Петербургского университета , 1996. – С . 399 - 400.
42. Скок А . С . Технологические основы военно - социологического исследования . - М . , 1996. – С . 89.

43. Танчер В . К . Собирание и обработка материалон конкретного исследования религиозности . ( По материалам Украины ) / / Конкретные исследования современных религиозных верований ( Методика , организация , результаты ) . - М . : Мысль , 1967 . - С . 69 - 70 .

44.Тошенко Ж . Т . Социология . Общий курс . - 2 - е изд . – М . : Прометей ; Юрайт , 1998. - С . 387 - 388.

45. Угринович Д . М . Введение в религиоведение . – 2 - е изд . – М . : Мысль . 1985. - С . 127.

46. Филатова О . Г . Социология религии . - СПб , 2000. – С . 58

47. Ханглинтон с . Столкновение цивилизаций / Хрестоматия по политологии . – М . : Гардарика . – С . 232 - 235.

48. Шайлообек ДҮЙШЕЕВ . Мектептер турат жокуруп , мечиттер турат кок чийип . – / / 17. 10. 2008.

49. Шалин В . В . толерантность ( культурная норма или политическая необходимость0. Краснодар , 2000. – С . 1982 - 201. 50. Яблоков И . Н . Социология религии . — М . : Мысль , 1979 . - С . 130.

51. Ядов В . А . стратегия социологического исследования . Описание , объяснение , понимание социальной реальности . – М . , 1998 . – С . 319 - 334

**Тиркеме 1**

## Социологиялык изилдөөнүн программасы

**Иштин актуалдуулугу .** Кыргызстанда дин маселесинин азыркы Учурдагы абалы , анын дүйнөлүк саясатка жана эл аралык мамилелерге тингизген таасири , анын ичиндеги агымдар жана багыттар , деструктивдүү көрүнүктор , аларды шарттаган себептер жетиштүү изилдене элек . Бул багытта айрым макалалар , брошюралар жарык көргөн менен фундаменталдуу изилдөөлөр жокко эсе . Коомдук гуманитардык илимдерибиздеги бул кемчиликти Республикалык масштапта көңүл булурбаса , кагаз гага бетинде калууда . Мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелерден тартып , исламдын дүйнөдөгү азыркы учурдагы абалын , анын ичиндеги экстремисттик көрүнүштөрдүн пайда болуу себептерин терен ачып берүүчү материалдыр жокко эсе . Ушундай кырдаалда дин маселелери жаштарга түздөн - түз таасирин тийгизбей койбойт .

Демек , иштин актуалдуулугу диний ишеним инсандын рухий өнүгүүсүн калыптандыруудагы эң маанилүү фактор болуп келген . Бардык эле диндердин негизги темасы адам , сүйүү , бала , таалим - тарбия болуп келген . Орто кылымдагы коомдук түзүлүш менен азыркы учурдагы коомдук түзүлүштүн айырмасы бар болсода , улуу адам , коомдук байланыш маселелери бирдей бойдон калууда . Ошондуктан , Кыргызстандагы козу карындай жайнаган ар кандай диний агымдардын , секталардын мамлекеттин тышкары жүргүзгөн саясаты жалпы социалдык - экономикалык абалга терс таасирин тийгизүүдө , өзгөчө андай кубулуштун курманчылыгына жаштар кабыл болушууда . Бул жерде мамлекеттик деңгээлде каттуу тартип , илимий анализ жүргүзүлбөсө , дүйнө жүзүнө коркунуч туудурган терротизм маселеси да бизди каттап келишинде күмөн жок .

Ибн Халдундун эмгектери Ислам дининин негизинде жасылгандыктан , ислам динин туткан жаштарды суроого аракеттендик жана улуу ойчулдун

циклдик теориясында айтылғандай келечекааттардын колунд болгондуктан жаттарды сурoого туура келли

**Социологиялык изилдөөнүн предмети** болуп , ислам динин уткандардын жаштардын , динге болгон көз караштары , ой - икирлери

**Социологиялык изилдөөнүн объектиси** катарында 16 жанта 35 жашка чейинки жаштар камтылды .

**Социологиялык изилдөөнүн максаты** азыркы кыргыз коомундагы жаттардын динге болгон мамилесин талдоо жана ар кандай секталарга , диний партияларга болгон көз карашын аныктоо .

коюулган максатка жетиш үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер коюулду** .

- социологиялык ыкманын негизинде изилдөө жүргүзүү

- откоол мезгилдеги кыргыз коомуна ар кандай диндердин тийгизген таасирин чагылдыруу ;

- азыркы абалда жаштардын секталарга өтүп кетүүсүн аныктоо ;

- социологиялык изилдөөнүн жардамы менен ислам динин туткан жаштардын башка динге болгон мамилесин аныктоо .

**Иштеги изилдөөнүн эмпирикалык** негизин Бишкек шаарында жаштар арасында жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары эсептелет . Андан тышкары диний социологиялык материалдарга тиешеси бар малыматтык материалдар кенири колдонулду . Атайын изилдөөнүн максатын чагылдырган ts сурамжылоо түзүлдү . 05

**Изилдөөнүн ыкмасы** жаштар арасында анкеталык сурамжылоо , сурамжылоого ислам динин туткан 100 респондент катышты . Изилдөө 1 Бишкек шаарында университететтин жанында өткөн жаштарды экзит - пол dee ыкмасы аркылуу жана квоттук тандалма аркылуу суралды .

**Инструментарий** . Бул изилдөөдө жекеме жеке респондент менен пикир алышуу 20 - 30 минутага созулду . Анын жыйынтыктары SPSS прогмаммасы аркылуу иштелип чыкты

**Тиркеме 2**

# К . КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ

## социология КАФЕДРАСЫ

## СУРАМЖЫЛОО

**« Дин социологиясынын өнүгүүсүндө Ибн Халдундун ролу »** аттуу темадагы социологиялык изилдөө . Бишкек гуманитардык Университеттин 2 курсунун магистранты Сизди социологиялык изилдөөгө катышууңузду суранат .

Изилдөөнүн максаты жаштардын динге богон ишенимдүүлүгүн азыркы учурдагы абалын талдоо жана келечегине анализ жүргүзүү . Бул изилдөө илимий деңгээлде жүргүзүлүп жаткандыктан Сиздин жоопторуңуз ананимдүү бойдон калат , фамилияңызды көрсөтпөй деле койсоңуз болот .

**1. Урматтуу респондент , Сиз эмнеге ишенесиз ?**

| No | | Жооп | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ооба | жок | жооп бере албайм |
| 1 | Аллага ишенем Кудайга / | | | |
| 2 | Кээде ишенсем , кээде ишенбейм | | | |
| 3 | Табигый күчтөргө ишенем | | | |
| 4 | Астрологияга ишенем | | | |
| 5 | Атеист | | | |
| 6 | Башка жазыңыз ------------------------------------------------------------------- ------------------------------------------------------------------------------------ | | | |

**2. Сизди кайсы диндин жөрөлгөлөрү кызыктырат ?**

---

**3. Сиз ишенген диндеги жөрөлгөлөрдү жасайсызбы ?**

| **No** | | Жооп |
|---|---|---|
| 1 | Дайыма жасайм | |
| 2 | Сактайм , бирок такай эмес | |
| 3 | жасабайм | |
| 4 | жооп бере албайм | |

**4. Сиз мечитке барасызбы ?**

| No | | жооп |
|---|---|---|
| 1 | жумасына бир жолу | |
| 2 | Айына бир жолу | |
| 3 | Жарым жылда бир жолу | |
| 4 | Жылына бир жолу | |
| 5 | Барбайм | |

**5. Сиздин динге ишенүүнүгө эмне түрткү болду ?**

| No | | Жооп |
|---|---|---|
| 1 | Руханий жактан изденүү | |
| 2 | Материалык жактан кыйынчылык | |
| 3 | Үй - бүлөдөгү тарбия | |
| 4 | Айламдагы адамдардын тийгизген таасири | |
| 5 | Диний адабияттардын тийгизген таасири | |
| 6 | Башка | |

**6.Сиздин Аллага / Кудайга / ишенимиңиз эмне берет ?**

| No | | Жооп |
|---|---|---|
| 1 | Жашоонун маанисин | |
| 2 | Руханий жактан баюу | |
| 3 | Моралдык колдоо | |
| 4 | Жашоодогу туруктуулукту | |

**7. Сиздин оюнуз боюнча , эмне үчүн жаштар секталарга кирип кетип жатышат ?**

**------------------------------------------------------------------------------------------**

**------------------------------------------------------------------------------------------**

| No | | Жооп |
|---|---|---|
| 1 | Жактыруу менен | |
| 2 | Сыйлоо менен | |
| 3 | Айырмасы деле жок | |
| 4 | Жактырбайм | |
| 5 | Тескери | |

**9. Хизб - ут - Тахрир партиясынын диндин негизинде жүргүзгөн саясий ишмердүүлүгү мамлекеттик коопсуздукка таасирин тийгизеби ?**

----------------------------------------------------------------------------------------------------
----------------------------------------------------------------------------------------

**10. Келечекте диндин негизинде чыр - чатактар чыгышы мүмкүнбү ?**

| **No** | | Жооп |
|---|---|---|
| 1 | Ооба , мүмкүн | |
| 2 | Жок , мүмкүн эмес | |
| 3 | Жооп бере албайм | |

**11.Кыргызстанда динге байланышкан мыйзамдарды билесизби**

а ) . Ооба
б ) . Жок
в ) . Жооп бере албайм

**12. Диний маалыматтарды кайсы булактардан аласыз ?**

1. гезит , журнал
2. телеберүү
3. радио
4. диний китептерден
5. диний баракчалар ,
6. башка -------------------------------------------------------

**13. Сиз алган маалымат булактары Сизге канчалык деңгээлде таасирин тийгизет ?**

1. абдан жогору
2. жогору
3. орто
4. төмен
5. жооп бере албайм

**14. Сиз уй - бүлөлү же үй - бүлөсүз болсоңуз төмөндөгү жооптордун кайсынысына кошуласыз ?**

1. ЗАГС аркылуу
2. Нике аркылуу 3. ЗАГС жана Нике аркылуу
4. Жарандык ( гражданский брак ) Үй - бүлө
5. Жооп бере албайм

**15 . Сурамжылоого болгон Сиздин кошумчакыз**

------------------------------------------------------------------------------------------

------------------------------------------------------------------------------------------

## ДЕМОГРАФИЯ

**16.Жынысы**

аял ---------------------------

эркек------------------------

**17. Үй - бүлөлүк абал**

16-17
18-19
20-24
25-29
30-35

**17. Үй - бүлөөлү**

1. Бойдок - 21 суроого өтүңүз
2. Жарандык Үй - бүлө
3. Үй - бүлөлу
4. Ажырашкам
5. жесир

**19.Улутуңүз**

1. Кыргыз
2. Орус
3. Башка

**20 .Билимиыз**

1. Толук эмес орто
2. Орто
3. Атайын орто
4. Бүтпеген жогорку
5. Жогорку

**РАХМАТ**

## ДЕМОГРАФИЯ

| No | Жынысы | % |
|---|---|---|
| 1 | аял | 52,0 |
| 2 | эркек | 48,0 |

| No | Жаш күрагы | % |
|---|---|---|
| 1 | 16-17 | 16,0 |
| 2 | 18-19 | 24,0 |
| 3 | 20-24 | 34,0 |
| 4 | 25-29 | 12,0 |
| 5 | 30-35 | 14,0 |

| | Үй – бүлөөлүк абал | % |
|---|---|---|
| 1 | Бойдок - 21 суроого өтүңүз | 70,0 |
| 2 | Жарандык Үй - бүлө | 4,0 |
| 3 | Үй - бүлөлу | 24,0 |
| 4 | Ажырашкам | 2,0 |
| 6 | Жесир | 0,0 |

| No | Улуту | % |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз | 64,0 |
| 2 | Орус | 20,0 |
| 3 | Башка | 16,0 |

| No | Билими | % |
|---|---|---|
| 1 | Толук эмес орто | 10,0 |
| 2 | Орто | 36,0 |
| 3 | Атайын орто | 6,0 |
| 4 | Бүтпеген жогорку | 28,0 |
| 5 | Жогорку | 20,0 |